
Скырг
Т 14

Канигүл Таирова

# Өмүр баркы



С.кырг
Т 14

Канигүл Таирова

# ӨМҮР БАРКЫ

*Ырлар*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487818

«Фаст-принт»
Бишкек – 2024

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5
Т 14

**Таирова, Канигүл.**
Т 14 **Өмүр баркы:** *Ырлар.* – Б.: Фаст-принт, 2024. – 164 б.

ISBN 978-9967-9532-4-6

«Поэзия Ордосу» көркөм адабий коомдук бирикмесинин, жана «Лейлек кайрыктары» адабий ийриминин мүчөсү, акын Канигүл Таированын бул ырлар жыйнагында жашоонун ар кырынан: ата-эне, бир-тууган, баатырдык, адамгерчилик, достук, туулган жер, табият жана башка багыттагы темадагы ырлар камтылган. Авторлун ырларынын мааниси терең, сөздөрү салмактуу жана таасирдүү. Ар бир окуган окурманды кайдыгер калтырбайт. Китеп окурмандардын калың катмарына сунушталат.

**УДК 821.512.154-1**
**ББК 84 (5Кир) -5**

ISBN 978-9967-9532-4-6
© Таирова К., 2024

# ТУУЛГАН ЖЕР КАЙРЫКТАРЫ

## ТААЗИМ САГА АТА-ЖУРТ

Ата-Журтум – менин ыйык мекеним,
Бейиш төрдөй жерде жашап келемин.
Ааламда жок кооздукка бөлөнгөн,
Керек болсо жанымды да беремин.

Аска-зоодо бүркүт куштар уялап,
Жүргөн жерге жолдор түштү кыялап.
Сулуулукту карегиме чөгөрүп,
Кереметин жазгым келди сыялап.

Тоого чыксаң ылдый жагы көрүнгөн,
Жүрөк туйлап, ойлор сансыз бөлүнгөн.
Учу-кыйры көрүнбөгөн жолдоруң,
Кудум эле узун чачтай өрүлгөн.

Көк мелжиген тоо койнунда жайлашып,
Үйүр жылкы, короо коюн айдашып.
Жолдон өткөн жолоочулар жесин деп,
Жайып койгон, курут майын камдашып.

Пейили кенен берекелүү кыргызым,
Көк асманда жанып турган жылдызым.
Кыргыз элин бүт дүйнөгө тааныткан,
Сенден чыккан залкар уулуң Чыңгызың.

Түбөлүккө желбиретип желегиң,
Атың өчпөй жанып турсун жылдызың.





## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргыз элим кылымдарды карыткан,
Улуу элсиң өчпөй турган тарыхтан.
Өрттөн, суудан тайманбаган эр жүрөк,
Жигиттериң жаралгандай жарыктан.

Улуу элсиң күндөн-күнгө гүлдөгөн,
Алымбектей хандар алга сүрөгөн.
Өмүр сүрүп Ала-Тоонун койнунда,
Жигиттерди бийиктерге үндөгөн.

Ай-күн, жылды сүрүштүрүп талдаган,
Сөздү багып, тилин-дилин чанбаган.
Баатырдыгы бүт дүйнөгө таанылган,
Чыңгызыңдай уулдар чыккан сандаган.

Эгемендик алган кутман элибиз,
Күн нур төккөн, кооз келет жерибиз.
Сыймыктанып ынтымакта жашайбыз,
Туу желбиреп, айтып турат гербибиз.

## АЙЫЛЫМ КӨРКҮ ЫРЫМДЫН

Жайлоодой болгон кереметтүү айылым,
Жете албай жүрөм, билем өзүм айыбым.
Секелек кезден сезимтал кызга айланып,
Чоңоюп сенден жан дүйнөм толуп байыдым.

Айылым сонун кол менен жасап койгондой,
Келгендер көрүп көңүлү дайым толгондой.
Бир жагы аска, бир жакта бөксө тоосу бар,
Ортосу айыл тосулуп турат коргондой.

Булактай тунук секелек кезди эстесем,
Түтпөй бир кетем, айылым сага жетпесем.
Түйшөлүп азыр кыйналып жүрмөк эмесмин,
Акактай таза жаштыгым сага бербесем.

Жол түшүп калса айылым сага жетермин,
Өксүгүм айтып сагынчым жазып келермин.
Коюнумда өсүп, чоңойгон кызым келди деп,
Мээримиң төксөң жанымды сага берермин.





## СҮЛҮКТҮ ШААРЫМ

(Шаарымдын 155 жылдыгына арналат)

Миң чакырым алыстыкта жердеген,
Байлыгы бар кара алтын кен деген.
Шаарыбызды күндөн-күнгө гүлдөткөн,
Разаковдой жигиттер бар мен деген!

Куттуу шаарым эчен кылым карыткан,
Эркин жашап, өчпөйсүң сен тарыхтан.
Революция бир өзүңдөн башталып,
Кыргыз элге тартуулаган жарык таң.

Бөксө тоолуу келет анан жерибиз,
Байлыгыбыз түгөнбөгөн кенибиз.
Көп улут эл ынтымакта жашаган,
Бүт меймандос, пейли кенен элибиз.

Шаарым сени туу тутабыз мактайбыз,
Алыс кетсек, жүрөктө бек сактайбыз.
Азияга кара алтын тартуулаган,
Кут төгүлгөн жерибизди барктайбыз.

Кара-алтын кени менен таанылган,
Ай ааламга жар салабыз даңктайбыз!

## БАТКЕНИМЕ КЕЛИП КЕТ

Басып жүрөм өрүкзарды аралап,
Көңүл эргип, ак гүлдөрдү кармалап.
Тегиз болуп, өрүк гүлүн ачыптыр,
Жыпар жыты, жан дүйнөнү тазалап.

Жаз жамгыры төккөн кезде шатырап,
Жамгыр суусу, бойлорунан тамчылап.
Өткүн өтүп, күн кайрадан чыкканда,
Бажырайып ал ансайын ачылат.

Жаздын жыты керемет го көктөмдө,
Өрүк гүлү желге ойнойт төккөндө.
Табигат да сулуулукка бөлөнөт,
Аппак гүлдөр жердин бетин өпкөндө.

Өрүкзарым Айгүл гүлдүн түнөгү,
Көрбөгөндүн ооруп калат жүрөгү.
«Сүйүүлөрдүн символу» – деп аташкан
Айгүл гүлү, гүлдүн болот чүрөгү.

Өрүкзардай куттуу жерди бааласаң,
Көрүү үчүн Айгүл гүлдү самасаң.
Кечикпестен Баткениме келип кет,
Бет алдынан бир көрүүнү кааласаң.





## ЖЕТИ ДУБАН

Жети дубан – жаркыраган жетиген,
Көп улуттун ынтымагы келишкен.
Башчы болуп бирөө чыгып жетиден,
Жол көрсөтүп, кеңештерин беришкен.

Ордолуу Ош сыйга толуп келесиң,
Ак-Буурага мажүрүм тал ийилип.
Конокторго сый-урматың берdescribed,
Сулайман Тоо күндөн көйнөк кийинип.

Кереметтүү, кут төгүлгөн Нарыным,
Тоо боорунда төрт түлүк мал жайылып.
Агып жатса улуу дайра агымың,
Кошулушат булак суулар агылып.

Чыңгыз агам төрөлгөн жер Таласым,
Дүйнө элине сени менен улукпуз.
Манас бабам баскан ыйык тоо-ташың,
Кыргыз элим көөнөрбөгөн улутпуз.

Жалал-Абад жаштар жүрсө жарашып,
Ал ансайын сулууланып жатасың.
Арсланбаб, курортторуң карашып,
Барсаң жаңгак, бадам даамын татасың.

Кең Чүйүмдүн берекеси төгүлүп,
Асман тиреп, жаңы үйлөр салынып.
Бишкегимдин улам кеңип аянты,
Коздугу улам барат көрүнүп.

Ысык-Көлүм түбү терең деңиздей,
Асмандагы күндү өзүнө сиңирип.
Толкунуңдан эргүү алдым эгиздей,
Көлдө сүзгөн балык менен биригип.

Кыргыз жери бүткүл дүйнө жүрөгү,
Бал ширелүү өрүк менен даңкталат.
Кереметтүү Айгүл гүлдүн түнөгү,
Кыргыз жери Баткенимден башталат.





## БАЛАЛЫК КЕЗ

Биздин айыл көрктүү эле билчүбүз,
Мөлтүр булак суусун кана иччүбүз.
Жаз келгенде терип гүлдүн түрлөрүн,
Топу жасап башыбызга кийчүбүз.

Түрдүү жибек колго тийсе сүйүнүп,
Зайли апага жетчү элек жүгүрүп.
Чийге топчу кадап апа жасачу,
Келинибиз бизге турчу жүгүнүп.

Толо болуп куурчакка койнубуз,
Таш канактар болчу биздин ойнубуз.
Үйдү жасап кооз кылып кынаптап,
Куурчактарды олтургузуп койчубуз.

Биздин өткөн балалык кез жылдагы,
Калың кар жаап, катуу келчи кыш дагы.
Кызыл болуп беттерибиз туурулуп,
Эстен кетпейт, чана тепкен кырдагы.

Балалыкты эстеп алып ойлонуп,
Ошол кезде жүргөнсүймүн толгонуп.
Бала болуп, кыялымда жүрөмүн,
Көздү жумуп, калбайын деп ойгонуп.

## ШААРЫМ МЕНИН КЕНГЕ БАЙ

Таланттар бар эл көзүнө илинбеген,
Тарыхтарын шаарыбыздын изилдеген.
Канча жылдап жазса дагы түгөнбөгөн,
Ачылбаган сырлар жатат билинбеген.

Бөксө тоолуу келет биздин жерлерибиз,
Байлыкка мол, кара алтын кендерибиз.
Конокторду бир туугандай тосуп алып,
Меймандостуу келет анан элдерибиз.

Сүлүктүм кылымдарды карыткан да,
Изи бар өчпөй турган тарыхтан да.
Ачылбаган сырларды алып чыгып,
Өчүрбөстөн тарыхчылар жатышкан да.

Көп улуттуу ынтымактуу элибиздин,
Түгөнбөгөн кара алтын кенибиздин.
Сыймыктанып келет элим сени менен,
«Революция бешиги» – деп жерибиздин.





## ЖАЙЛОО КӨРКҮ

Агарып аппак таңдар сөгүлгөндө,
Күн нуру жерге карай төгүлгөндө.
Уй саашка чакаларын көтөрүшүп,
Кылактап кыз-келиндер көрүнгөндө.
Кандай сонун жайлоодогу кереметтер,
Койчулар коюн айдап жөнөгөндө.

Арча терип очокко отту жагып,
Казанга чоктой кызыл нанды жаап.
Албырган күндөй болуп жеңелерим,
Тасмалга май, каймагын кенен жайып.
Сонун го, жайлоодогу кереметтер,
Таштай муздак тоо суусуна жүздү чайып.

Бетеге, тулаң, шыбак чөптөрүндө,
Түркүн түс, жыпар жыттуу гүлдөрүндө.
Тоолорум берекесин төгүп турат,
Май, кымыз жыттанган боз үйлөрүндө.
Кандай сонун жайлоодогу кереметтер,
Күмүштөй жалтыраган мөңгүсүндө.

Күрүлдөп агып жатса шаркыратма,
Айланага обон салат бир башкача.
Мал менен жайлоонун көркү артып,
Жылкылар оттоп жүрөт коктуларда.
Кандай сонун жайлоодогу кереметтер,
Сызылып эске түшөт олтурганда.

## ЫСЫК-КӨЛДҮН ЖЭЭГИНДЕ

Кечинде олтурамын көл жээгинде,
Жаштыгым калган экен издеримде.
Чабак уруп сууга түшкөн күндөрүм,
Калыптыр өтүп кеткен мезгилимде.

Кызарып көлгө чөккөн күндү көрүп,
Суктанып сулуулукка көңүл бөлүп.
Кеч кирип өмүрүмө калганына,
Айлам жоктон турамын жашым төгүп.

Ысык-Көлүм толкунун жээкке урат,
Сагынып көрбөй калсам көздөн учат.
Өлбөстүктүн мүрөк суусун ичкен сыңар,
Түбөлүк ушул бойдон толкуп турат.

Аккуулар көл үстүндө байырлаган,
Ыр жоктур сен жөнүндө жазылбаган.
Басканда көлдү бойлоп арыласың
Көөдөндөгү толуп ташкан арманыңдан.





## ЭНЕ ТИЛИМ

Аллах бизге улуу тилди жиберген,
Өчүрбөстөн тарыхтагы издерден.
Унутпастан салт-санаасын сактаган,
Кыргыз тили болоттой бек ширелген.

Өз тилибиз элибиздин өзөгү,
Токтобостон алга карай өсөлү.
Тилибизге түшүрбөстөн көлөкө,
«Кыргызмын» – деп, бийик жашап өтөлү.

Кыргыз эмес, эне тилин сезбеген,
Кыргыз туруп, башка тилди эңсеген.
Кандай жерде, кайсы элде жүрбөгүн,
Биздин тилге башка тилдер жетпеген.

Кыргыз тилин кайда болсо сактайлы,
Жаман десе чаң жугузбай актайлы.
Манасчылар «Манас» айтса бүтпөгөн,
Улуу тилди сүйүп, дайым барктайлы.

Эне тилим кадырлаймын сүйөмүн,
Тилим үчүн жаным берип күйөмүн.
Тилибиздин кадырына жетели,
Кыргызсыңбы? Кыргыз тилде сүйлөгүн!

## СУУ БОЮНДА

Шаркыраган суу боюнда олтуруп,
Эргүүлөрдү жан дүйнөмө кондуруп.
Мөлтүр суудай ырлар келсе кыя албай,
Жаза койдум ак баракка толтуруп.

Суу шоокуму ырларымдын кайрыгы,
Алып кетти көңүлдөгү кайгыны.
Кыялданып көздү жумуп жатканда,
Жаштыгымды бир мүнөткө кайрыды.

Тунук кашка сууларына киринип,
Аруулугун жан дүйнөмө сиңирип.
Сууга чөмүп кетким келди тазарып,
Сүзүп жүргөн балык менен биригип.





## ТОКТОЙ ТУРЧУ УБАКЫТ

Уурдап улам өмүрүмдү шаштырып,
Эчен бийик ашууларды аштырып.
Алы-күчүм алып койдуң билдирбей,
Кээде таштак, кээде түздү бастырып.

Оо өмүрүм, эмне мынча шашасың?
«Токтой турчу» деген сайын качасың.
Чач агартып жашым алдың байкатпай,
Акыры сен убалыма каласың.

Окуучулук кезде ырым чыгарбай,
Бир кездерде толгон эле ызам ай.
Орто жаштан өтүп калган кезимде,
Келдим мына ырым сени кыя албай.

Жаш кезимде чарчаганды билбедим,
Адашпастан туура жолду издедим.
Сөздү баалап акылыма түйгөнчө,
Ак караны ажыратып иргедим.

«Кеч келдим» – деп, керемет ыр дүйнөгө,
Чыгарбастан ичтен тынып күйгөндө.
Акыл толуп турган кезим чамынып,
«Жазамын» – деп, сырларымды үйгөндө.

Кары болуп сыйлуу өмүр сүргөнгө,
Ыраазымын чын дилимден күлгөнгө.
Токтой турчу убакыт сен алкынбай,
Ырлар менен сырдашып мен жүргөндө.



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487818

## БИЗДИН АЙЫЛ

Биздин айыл бир башкача керемет,
Төрт тарабы чеп тургандай сезилет.
Кайда жүрсөм эсимдесиң дайыма,
Барбай калсам оюм четтен кетилет.

Айылыбыз бар-даракка курчалган,
Ортосунда көчө түшүп суналган.
Ал көчөдө чуркап оюн ойногон,
Балалыгым бой көтөрүп күч алган.

Туулган жерим өзгөчө бир ыйыксың,
Жазсам сени бүтпөй турган ырымсың.
Секелек кез бүлүк салып сезимге,
Бир өзүңдөн башка билбес сырымсың.

Мөлтүр тунук суулар чыгат булактан,
Жаз келгенде байчечекей гүл ачкан.
Бактарына куштар конуп жарашып,
Түркүн обон, үн алышып курашкан.





## ЖАРАЛДЫ ТУНГУЧ КИТЕБИМ

Араң туруп там-туң баскан баладай,
Улуу жолго кадам таштап аярлай.
Китебимди колго алып сүйүнүп,
Кубанычка толуп турам аябай.

Тунгуч балам төрөгөндөй болдумбу?
Китеп жазып, акын атка кондумбу?
Ыр китептин бетин ачтым окуп көр,
Окурманым көңүлүңө толдубу?

Жакшы сөздөр эргүү берип толкутат,
Жаман айтса жан дүйнөңдү оорутат,
Аяп сүйлөп, жүрөлүчү сыйлашып,
Катуу сөздөр көңүлдөрдү соолутат.

Көңүлүмдү көтөрүп кой, кубантып,
Эргүү алып, жазайынчы улантып.
Ыр дүйнөгө кирдим эми кайтпаймын,
Кудайымдан узун өмүр сураныл.

Китеп тийип калса эгер колуңа,
Ак жол каалап койчу менин жолума.
Көп китепти алып келсин ээрчитип,
Тилектеш бол окурманым оюма.

## АЛЫС КЕТСЕМ САГЫНАМ

Туулган жерим карааныңдан кагылам,
Алыс кетсем мен өзүңдү сагынам.
Көздөн учуп бөксө тоолуу адырлар,
Ыйык жерим тынч болсо деп жалынам.

Шаарыбыздын түгөнбөгөн кендери,
Мээнеттенип бүтпөй келет элдери,
Жер астынан колу менен кен казып,
Ак эмгектен качпаган көп шерлери.

Миң чакырым алыстыкта жердебиз,
«Кыргызмын» – деп, сыймыктанып келебиз.
Бир муштумдай ынтымакта ширелип,
Башка улутка, сый-урматты беребиз.





## САРЫ КҮЗДӨГҮ ЭРГҮҮ

Күз мезгилдин кереметин сагынып,
Аппак шуру, мончогумду тагынып.
Сары күздү көрүү үчүн атайы,
Жөнөп калдым гүл бакчага камынып.

Сулуулукту көрдүм бакта баратып,
Кусалыгым көөдөнүмдөн таратып.
Кызыл, жашыл, сары көйнөк кийинген,
Бак-дарактар койду мени каратып.

Кызыл көйнөк кийген кезим баягы,
Көңүл эргип ошол кезди самады.
Жакшы сөзүн жүрөгүмө уюткан,
Оттуу кезим кайра дагы жанабы?

Жашылын да кийген элем жарашып,
«Мендик болсо экен» – дешип, карашып.
Аттиң арман, жаза тайып кадамдан,
Бир өмүрдө калгам анан адашып.

Өмүрүмө мына минтип, кеч кирди,
Сары көйнөк кийген күнгө жеткирди.
Жалбырактай кар астына жашынган,
Өткөн күнүм эстеп дүйнөм эчкирди.

Кеч күздөгү нөшөрлөгөн жамгырдай,
Сары күзүм, ыйлатпачы эч кимди.

## ОЮМДУ СЕН ҮЗБӨГҮН

Мартта келген майрамдарга биригип,
Төрөлүпмүн жаз жамгырга киринип.
Чырпык кезден чынар болуп көктөгөм,
Аруулукту жан дүйнөмө сиңирип.

Көөдөнүмө батпай жүрөк булкунуп,
Ак-Буурадай атырылып жулкунуп.
Калем сабым тынчтык бербей эркиме,
«Жазгының» – деп, алга карай умтулуп.

Ички дүйнөм ачылбаган сыр болуп,
Сырдуу дүйнөм, тизмектелген ыр болуп.
Түшүнбөгөн адамдарга пас болбой,
Ак барагым келет ырга жык толуп.

Эргүүлөрдүн терип алып гүлдөрүн,
Жазда өскөн жоогазындай түрлөрүн.
Жан дүйнөмө тынчтык бербей ээликкен,
Ойлорумдун жазып келем түрмөгүн.
Булуттардай каалгып учуп жүргөндө,
Тоскоолдуктар оюмду сен үзбөгүн.



# АТА-ЭНЕ
# БИР ТУУГАНДАРЫ
# БАЛДАРЫМА

# АРНАЛАТ

## МЕНИН АТАМ

Менин атам аска-зообуз таянган,
Бир өзүңдүн кан жаныңдан жаралган.
Акыл айтып, жакшы жолго үндөгөн,
«Балдарым» – деп, жамандыкка кыйбаган.

Менин атам жөпжөнөкөй жакшы адам,
Чынчылдыкты башка адамдан таппагам.
Аста сүйлөп маанисине жеткирип,
Балдарын да чынчыл кылып таптаган.

Кайда жүрсө тартипти бек сактаган,
Жумушун да, жайга коюп тактаган.
Өмүр бою кызмат кылып элине,
Күнү-түнбү эмгектен эч талбаган.

Менин атам өзгөчө жан, мээримдүү,
Бүт өмүрүн балдарына арнаган.





## АТАМА ОКШОДУМ

Таптап сүйлөп, маанисине жеткирип,
Айткандары калса деле эскирип.
Кулагымда турат азыр жаңырып,
Өмүрүмө калган кезде кеч кирип.

Туура көрүп, көңүлүнө илгенин.
Кол дептерге жазар эле билгенин.
Атакеме окшоп калган окшоймун,
Мен да жүрөм, илип сөздөр тизмегин.

Кол жазмасы турат менде, сакталуу,
Байлыгымдан жогору ал, баркталуу.
Тирүү болсо жүрмөк беле сүйүнүп,
Акын болуп, калган кызын жазмалуу.

Сөздү баккан, киши болгон акылдуу,
Жамандарга теңелбептир, сабырдуу
Таразалап, уккан баарын сүйлөбөй,
Андай адам болот тура кадырлуу.

## АТА САГА АРНАДЫМ

Күткөн күнүм келди мына жаңырып,
Шаар көздөй жөнөп калдым чамынып.
Каникулда барып иштеп келсем деп,
Эл катары кеттим мен да агылып.

Барганыма он күн өтпөй арадан,
Жаман кабар уктум элге тараган.
Бийик тоом кулап түшүп кокустан,
Айрылыпмын түбөлүккө атамдан.

Атам жоош-жумшак мүнөз жаралган,
Эч адамга катуу сөзүн айтпаган.
Кандай болсо жүргөнүндөй шашпастан,
Байкабастан кайткыс жолго аттанган.

Аян берип кетер кабар алыпсың,
Коштошорго балдарыңа барыпсың.
Балдарыңдын шаарын көрүп кубанып,
Сыр бербестен үйгө кайра кайтыпсың.





Аттиң арман, мен Бишкекке кеткенмин,
Мени жок деп үйүмө сен келбедиң.
Мейман кылып олтургузбай төрүмө,
Казан асып сага чайым бербедим.

Оорубадың, төшөккө да жатпадың,
Эч бирине оордугуң салбадың.
Таңда туруп багымдатка жыгыл,
Көрбөй калдың калган күндүн атканын

Барган күндөн кайра кайттым ойлонуп,
Келатамын узак  жолдо толгонуп.
Көз илинсе, сен түшүмдө жүрөсүң,
Чочуп кеттим уйкудан мен ойгонуп.

Жашоо – өмүр, кыска экен арасы,
Шум ажалга боло албай арачы.
Жаткан жериң жайлуу болсун атаке,
Ушул ырым сага жаздым карачы.

## ЭНЕМ СУЛУУ БААРЫНАН

Сулуулардын сулуусу элең энекем,
Асмандагы ай да сенден кем экен.
Боёгу жок сулуулукту жоготпой,
Кантип сактап жүрдүң экен берекем.

Ай жамалың келбетиңе жарашып,
Суктанышып, узун чачың карашып,
Чырайыңа тазалыгың төп келип,
Эли-журтуң айтып келет баалашып.

Алдей айтып ак бешикке бөлөгөн,
Жакшы жолго үндөп мени жөлөгөн.
Жан дүйнөмө аруулукту чөгөрүп,
Энем мени акын кылып төрөгөн.

Мээрим төгүп, жанып турат ажарың,
Сыр кетсе да, сында турат жамалың.
Уурдап улам өмүрүңдү баратса,
Ичтен сызып, билдирбестен карадым.





## ЭНЕМ БАР БАКТЫЛУУМУН

Бактылуумун, энекем бар жайнаган,
Сыр кетсе да, сымбатынан жазбаган.
Жашы өйдөлөп, токсон таяп калса да,
Жол көрсөтүп, акылынан тайбаган.

Жаш кезинде күчтүү эле сынбаган,
Мизилдетип, үйүн таза жыйнаган.
Сарамжалдап, оокатына тың болуп,
Таңдан-кечке түйшүктөрдөн тынбаган.

Карылыктын олтурса жолунда,
Таза кармап, кир жугузбай жонуна.
Балдарынын багын тилеп Кудайдан,
Намаз окуп, тесме тарткан колунда.

Ооруп калсам, сыздап мени ойлонгон,
Айыкса деп, ойго батып толгонгон.
Санаа тартып, «жакшы болуп кетсин» – деп,
Жардам берип, дайым мени колдогон.

Сиз бар үчүн ырыс толуп үйүбүз,
Оорубаңыз, узак өмүр сүрүңүз.
Жаркып күлүп, күтүп алчу жол карап,
Энекебай, аман-эсен жүрүңүз.

## АТА-ЭНЕМ БАРДА

Ата-энем барда тирүүмүн,
Ата-эне сен бар – тирүү күн.
Ата-энем өтүп ааламдан,
Баарынан эми кичүүмүн.

Катарда бирге жүргөндө,
Бактылуу өмүр сүргөндө.
«Өлөт» деп, такыр ойлобой,
Эстеймин эми күйгөндө.

Кусаман жүрөм арылбай,
Силерсиз отум жагылбай.
Кыдырып дүйнө кезсем да,
Ата-энем сендей табылбай.

Силерсиз күнүм жаркыбай,
Гүлдөрүм жыты аңкыбай.
Каткырган күлкүм жоголуп,
Камыгып жүрөм жабыркай.

Тирүүдөй кээде сезилип,
Ойлосом кетем эзилип.
Кылчактап улам караймын,
Карылар калса кезигип.

Айласыз турмуш көнөйүн,
Бүлөмө көңүл бөлөйүн.
Энемдей болуп балпайып,
Балдарга мээрим төгөйүн.





## ӨЗҮҢСҮЗ КЫЙЫН ТУРА

Турмушуң кыйын тура оңбогондой,
Өкүнөм, сиздей күчтүү болбогонго.
Карайлап, өзүң жоктоп барган кезде,
Балдарың көңүлүмө толбогондой.

Караанын издесем да көрүнбөгөн,
Күнүм жок көздөн жашым төгүлбөгөн.
Чак түштө кыдырсам да таппай келем,
Адамды энекемдей мээрим төккөн.

Балдарың сүйлөйт сөзүн аялынын,
Билемин менден жакын жары барын.
Жылуулук сизде тура энекебай,
Өзүңсүз жайда сездим кыш ызгаарын.

Балам да болбойт экен сиздей жакын,
Кызым да бөтөн үйдүн жагат шамын.
Барса да алтымышка таяп жашым,
Энеден эрте калган улактаймын.

## ЭНЕ СИЗДИ САГЫНДЫМ

Көз жашымды аяр сылап арчыган,
Дем-күч берип көңүлүмдү жаз кылган.
«Балдарым», – деп энем күтсө жете албай,
Барбай калсам кызын күтүп сагынган.

Жүргөн кезде өлбөчүдөй сезилип,
Баарлашып турчу элек кезигип.
Өткөн кезин айтып берсе эскерип,
Кулак төшөп укчу элем эзилип.

Дале жүрөм көр түйшүктөн арылбай,
Мээрим төккөн энем оту жагылбай.
Кайдасың деп жоктоп мени туруучу,
Жолум карап күткөн адам табылбай.

Барсам жоксуң үйүң суздай көрүнөт,
Сени ойлоп көздөн жашым төгүлөт.
Ээн талаада жалгыз калган дарактай,
Кусалыктан дене боюм сөгүлөт.

Карыганда жетим болуп кайгырдым,
Кээ күндөрү үйгө батпай таарындым.
Ошол кезде жөлөк болчу өзүң жок,
Оо энеке, мен өзүңдү сагындым!





## ЭНЕСИЗ ЖАШОО

Жанымда жүрсө өлбөстөй болуп сезилип,
Каларым билбей, өзүңдү жоктоп кетилип.
Кайгырган кезде көңүлүм улап дайыма,
Жубатар элең, акылың айтып берилип.

Жадырап апа, сиз бардай болуп күлбөдүм,
Күтүүдөн чарчап, өчтү го менин күдөрүм.
Ушунча азап тартарым апа билбепмин,
Өтүүдө окшош, билинбей менин күндөрүм.

Энесиз жашоо кыйын экен ойлосом,
Балдарым кантет, эртең мен да болбосом?
Урпактарым кайдан билмек кимдигим,
Ырларыма баарын жазып койбосом.
Жашоо бүтсө, мен да өтөм дүйнөдөн,
Бир берилген өмүргө да тойбосом.

## АТАМДАЙ ӨМҮР СҮРБӨДҮҢ

*(46 жашында көзү өткөн Бекботоев Абакир агамдын жаркын элесине арнаймын)*

Майрамга жуунуп алам деп,
Кечинде мончо жактыңбы?
Жүрөгүң ооруп кыйналып,
Ой сүрүп ооруп жаттыңбы?

Эртелеп туруп таңында,
Боюңду суута салыпсың.
Жүрөгүң кармап жыгылып,
Тер басып жатып калыпсың.

Чымындай жаның чыгарда,
Болбодук сенин жаныңда.
Жалдырап карап балаңды,
Арманда кетип калдың да.

Оорупсуң алдын албадың,
Доктурга неге барбадың?
«Жүрөгүм ооруп жатат» – деп,
Убайды эмне салбадың?

Жан агам болуп жүрбөдүң,
Атамдай өмүр сүрбөдүң.
Зарыгып көргөн балдарың,
Бой жеткенин көрбөдүң.

Олтуруп сени ойлодум,
Элүү жашка да толбодуң.
Аргасыз жазып ырымды,
Айлам жок сага толгондум.





## АБАКИР АГАМА

Ишенбеймин мунун баары жалгандай,
Убактылуу бизге түйшүк салгандай.
Жүрөсүң го жумуш менен күймөнүп,
Кечигип же жумуш менен калгандай.

Үйүңө барам үмүтүмдү үзө албай,
Басып-туруп жүргөнүңдү кыя албай.
Күлүмсүрөп жолум тосуп чыгат деп,
Босогоңдо турам эсим жыя албай.

Бирок жоксуң, жетпей калды акылым,
Билдирбестен кетип калдың акырын.
Мээримдүүм ай, айкөл элең ак көңүл,
Таппай калдым, бир тууганым жакыным.

## БИР ТУУГАНДАР

Ооруп калсам ичтен сызып күйөрүм,
Силерди мен жаным менен сүйөмүн.
Карааныңар жүрөт мага тоо болуп,
Силер барда бийик басып жүрөмүн.

Кырсыктардан алыс болуп тооруган,
Болбосунчу араңарда ооруган.
Бир туугандар келет десе сүйүнүп,
Күтүп алып тосуп чыгам жолуңан.

Канча өмүрдү берип койду билбейбиз,
Көңүлдөргө жаман сөздү илбейбиз.
Сагынышып калган кезде чалышып,
Келип кетчи кайдасың – деп, издейбиз.

Жакын көрөм энелешим, аталаш,
Катарыбыз бирге болсун катарлаш.
Ата-энемдин жашын берип кудайым,
Карылыкта бир жүрөлү сапарлаш.

Оорубастан жүрүшсүн – деп ойлоймун,
Жаман сөздөр тийбесин – деп коргоймун.
Уул үйлөп, келип алып, кыз берип,
Жакшылыктар боло берсе колдоймун.





## ТИРҮҮЛҮК БАКЫТ ТУРА

*2002-жылы өткөн агама 20 жыл болуптур...*
*Бүгүн абамдын туулган күнү эле...*

Абамды арабыздан алып кеткен,
Кайгыны үйүбүзгө салып кеткен.
Кетпеген кырсам дагы капалыкты,
Жүрөккө өчпөс кылып жазып кеткен.

Азапты башка салчу мезгил беле,
Кетерин алдын ала сездиң беле.
Балдарың ордун таап өздөрүнчө,
Өмүрлөр өтүп жатат сенсиз деле.

Жараткан кыска өмүр берген экен,
Кайгырсак кайра кайтып келбейт экен.
Кыбырап жүргөнүбүз бакыт тура,
Тирүүлүк баркын пенде сезбейт экен.

## БАКТЫЛУУ ЧОҢ ЭНЕМИН

Мөмөсүнөн таттуу болуп данектерим,
Көк асмандай тунук, таза каректериң.
Чаалыкканда жарпым жазып эркелешет,
Неберелер өзүңсүңөр аздектээрим.

Коңгуроодой шыңгыраган күлкүлөрү,
Жоодурашып сүйкүм келет ай жүздөрү.
Мөлтүр суудай таза бойдон жүрүшсө экен,
Аткарылып мүдөө-максат үмүттөрү.

Периштедей аруусуңар бөбөктөрүм,
Урпагымды улап кетчү жөлөктөрүм.
Улуулары кичүүсүнө үйрөтүшүп,
Бири-бирине үлгү болчу эрмектерим.

Мен азыр чоң энемин нарктуумун,
Келин, уулдар сыйлап турат барктуумун.
Мен да өзүмдү көрсөтөргө балдарыма,
Ата-энемден тарбия алгам салттуумун!





## БАКТАЙ БОЛУП КӨКТӨСӨ

Бакырайган көздөрү бар жайнаган,
Тили ширин, «ата-апа» деп сайраган.
Кылыктары элжиретип жүрөктү,
Ал ансайын мээрим төгүп, байланам.

Байлыгым да, бардыгым да өзүңөр,
Силер үчүн жаным берип айланам.
Жоодурашып кылыктары башкача,
Жан дүйнөсү ак барактай таптаза.

Балалыктын балдай доорун сүрүшүп,
Кадамдары жаман жерди баспаса.
Ыймандуулар катарларын толуктап,
Ата-эненин, ак эмгегин актаса.

Согуш деген алааматты көрбөсө,
Жакшы-жаман адамдарды бөлбөсө.
Аруулугун таза бойдон сакташып,
Бактай болуп, мөмө берип көктөсө.

Түркүн кесип, ээси болуп баарысы,
Кызмат кылып турмуш жолун жөндөсө.
Ата-журтун карегиндей сакташып,
Үлгү болуп жакшы жагын көрсөтсө.

## БАЛДАРЫМА ТИЙГИЗГИМ ЖОК ШАМАЛДЫ

Бар байлыгым балдарым деп келемин,
Керек болсо жанымды да беремин.
Жолотпостон тосуп чыгам жолунан,
Шамалды да сезсем эгер келерин.

Жакшыларга жүрсө деймин жанашып,
Жамандарга кезикпесин адашып.
Мээрим төгүп жүрүшсө экен ар дайым,
Ынтымакта бир-бирине карашып.

Чымынга да залакасын тийгизбей,
Кыйналса да кылган ишин билгизбей.
Жүрсө деймин эл ичинде эсен-соо,
Жамандыкты жан дүйнөгө киргизбей.

Жакшы болсо – ичер тунук булагым,
Сыйлап турса – коно турган турагым.
Аллахымдан узун өмүр суранып,
Бата тилеп балдарыма сунамын.





## МИГРАНТ УУЛУМА

Менин уулум чоң Москва калаасында,
Иштегени жүрөт жат эл арасында.
Түйшөлүп тыным албай күнү-түнү,
Турат дайым балдары санаасында.

Жүрөсүң сен алыс кетип айылдан,
Балдарың да жолуң күтүп сагынган.
Төрөлгөндө көргөн балаң чоңоюп,
Атакелеп ойну чыгып талпынган.

Балдарыңды сагындың го жете албай,
Алар дагы жүрөт сага кете албай.
Ошолордун камын көрүп алыста,
Каралдым ай, жүрөсүң го келе албай.

Аялыңды жөнөтсөм деп жаныңа,
Күтүп сени, караса дейм ашыңа.
Карагым бар балдарыңды дагы эле,
Ооруганда ишене албайм жаныма.

## АСЕМА НЕБЕРЕМЕ

Асема кызым данегим,
Көзүмдө эки карегим.
Түшүнүп турат баарысын,
Туюму зирек аселим.

Асема кызым айдайым,
Бактылуу болгун ардайым.
Тереңден алып билимди,
Элиңе тийсин жардамың.

Кыз берсе дегем Кудайым,
Ичимден тартып убайым.
Неберем минтип кыз болуп,
Бакытка тунуп турамын.

Артыңдан келсин көп бөбөк,
Өзүңө болот чоң жөлөк.
Акылдуу болуп чоңойгун,
Бөбөккө болуп сен өрнөк.





## АМИНА НЕБЕРЕМЕ

Балбылдап көзү жайнаган,
Гүлдөрдү терип тандаган.
Эки өрүм чачы жарашып,
Көпөлөк кууп кармаган.

Чарчабай кечке ойногон,
Оюнга такыр тойбогон.
Бактылуу кыз болсо деп,
Азыртан мен да ойлоном.

Улууну дайым сыйлаган,
Акылды угуп тыңдаган.
Ардактуу кызым сен болсоң,
Булбулдай таңшып ырдаган.

## КЕЛИНДЕРГЕ НАСААТ

Турмуш курдуң эми ага чыдагын,
Бала төрөп урпагыңды улагын.
Бүчүр байла жаңы чыккан көчөттөй,
Соолубасын агып турган булагың.

Асып койгон туш кийизиң чечилбей,
Урунгунуң чайнек чының кетилбей.
Мээримдүү бол кабагыңды салбагын,
Мейман узат, кемчилигиң сезилбей.

Таза болгун үйүңдү чаң баспасын,
Казан, табак жуулбай таңга калбасын.
Каяша айтпай кайненеңди сыйлап жүр,
Ыймандуу бол элдин алып батасын.





## БАЛДАРЫМА

Экөөсү тең июнь айда төрөлүп,
Алдейленип, ак бешикке бөлөнүп.
Узун өмүр сүрсө деймин балдарым,
Мөмөлүү бак, болуп өсүп көгөрүп.

Кадыр-барктуу адамдардан болгула,
Купулуна элдин дайым толгула.
Тилегиңер, орундалып ар убак,
Бакыт-таалай, бакчасына конгула.

Жарыңардын көңүлдөрүн оорутпай,
Жаман айтып, жан дүйнөсүн соолутпай.
Турмушуңар көктөм жаздай гүлдөсүн,
Үй-бүлөгө, жамандыкты тоорутпай.

Жөпжөнөкөй балдарым бар билемин,
Жакшы жашоо, узун өмүр тиледим.
Ишенгеним силерсиңер балдарым,
Болгулачы менин дайым тирегим.

## КЕЛИНДЕРГЕ

Аккуу болуп, өз тууруңа конгунуң,
Илбериңки эстүү келин болгунуң.
Кайненеңдин ишин алып колунан,
Кайын журттун көңүлүнө толгунуң.

Ыймандуу бол басыгыңдан жазбагын,
Насаат айтса, аны каршы албагын.
Каяша айтып, жан дүйнөсүн оорутуп,
Кайненеңди капалыкка салбагын.

Балалуу бол, урпагыңды улагын,
Сабырдуу бол, жоктон барды курагын.
Келдиң эми, таштай катып бекем бол,
Түбөлүктүү болсун сенин турагың.

Мээримдүү бол, жаман келин дегизбей,
Айкөл болгун чалкып жаткан деңиздей.
Кичинекей тапочкалар көп болуп
Бытырашып жүрсүн балдар эгиздей.





## ЭНЕ СЕНИН БЕЙИШИҢ

Эне назик, бакчаңдагы гүлүңдөй,
Көңүлүн ал, эне жүрсүн күлүңдөй.
Сыйлап турсаң капа кылбай көңүлүн,
Жайнап турар, гүлдөй болуп үзүлбөй.

Эне ыйык, эне гүлү көңүлдүн,
Эне олтурса көркү чыгат төрүңдүн.
Сый-урматты көрүп турса балдардан,
Баркын билип, жашайт эне өмүрдүн.

Эне күчтүү, коргойт сени шамалдан,
Көрө албаган ичи жаман адамдан.
Дуба кылып, намазында суранат,
Тапса экен деп жеген нанын адалдан.

Эне болуш абдан кыйын билгенге,
Аракет кыл эне сөзүн илгенге.
«Энелердин таман асты бейиш» дейт,
Жол ачылат сага дагы киргенге.

Балдарым деп, согот эне жүрөгү,
Ыйык болот эне үчүн түнөгү.
Ийик сымал ийрийт эне санааны,
Түгөнгүчө колго орогон түрмөгү.

Энең барда сыйлап калгын кечикпей,
Бейиш эшиги турсун сага бекилбей.
Күндө сурап, көңүлүн алып тур,
Энеси бар үйлөр болот бейиштей.

Энең барда үйүң болот бейиш төр.

# ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ, ЖАШОО СҮРТҮМДӨРҮ



## ӨМҮР

Өмүр өтөт, кармасаң да токтобой,
Өткөн күнүң бир-бирине окшобой.
Түркүк болуп, бул дүйнөдө калчудай,
Адат болгон, дүйнө жыйып топтомой.

Дүнүйө бар, жан дүйнөдөн ачкабыз,
Туура сүйлөп, бетке айткандан качабыз.
Урпактарга туура жолду көргөзбөй,
Ушул биздин кечирилгис катабыз.

Күн өткөнүн учкан куштай зымырап,
Сезимдер да айтып турат шыбырап.
Кечээ гана жазган элек сүйүнүп,
Жаз жамгыры жаап турганын дыбырап.

Мына бүгүн жайга жеттик жабыла,
Өмүр шашат аккан суудай алкына.
Дүнүйө эмес, ырлар калсын мураска,
Жазалычы, өлбөс ырды жалпыга.

## ЖАШОО СОНУН

Күндөр кетет, бири-бирине окшобой,
Өмүр өтөт, кармасаң да токтобой.
Байкабастан тырышабыз ан сайын,
Түгөнбөгөн түйшүктөрдөн бошобой.

Алга чуркап, максаттарга жетсек деп,
Тарбиялан туура жолдо кетсек деп.
Жанаштырбай жамандарга жол тосуп,
Урпактарга жакшы жагым берсек деп.

Колдо барын балдарга биз беребиз,
Ооруп калса жүрөк сыздап сезебиз.
Ынтымакта колдоп турса бири-бирин,
Көңүл толуп, тилекке биз жетебиз.

Өмүр чиркин, кандай таттуу сезгенге.
Жашаш үчүн бир жаралып келгенге.
Балдарыңдын чайын ичсең колунан
Кандай сонун, карылыкка жеткенде.





## ЖАШТЫГЫМДЫ БАЛДАРЫМДАН КӨРӨМҮН

Жаштыгымды артына кайтара албай,
Ал күндөрдү издесем да таба албай.
Жалындуу күндөрүмдү эстеп алып,
Олтурамын карегимден өчүрө албай.

Токтото албай күлгүн кез өмүрүмдү,
Күзүндөгү жалбырактай күбүлдүмбү.
Суудай болуп агып кеткен жаштыгыма,
Буулугуп жамгыр болуп төгүлдүмбү.

Жамгыр эмес, нөшөр болуп төгүлөйүн,
Эл көзүнө бактылуу көрүнөйүн.
Балдарымдын уул-кыздарын эркелетип,
Бактылуу, күлкүсүнө чөмүлөйүн.

Биринен-бири ширин бөбөктөрүм,
Улгайсам таяныч болор жөлөктөрүм.
Ар биринин айтып бүткүс кыялы бар,
Элжирейм, мээрим чачып төгүлөмүн.

Өмүрдө болбойт экен тыным деген,
Убакыт өтөт тура кылым менен.
Билинбестен өтүп кеткен жаш кезимди,
Мезгил жетсе балдарымдан көрөр бекем?

## ТАГДЫРЫМ ЫРЛАРЫМДЫН ТҮРМӨГҮНДӨ

Өткөн күнүм өзүмдүн тарыхымбы?
Айла жоктур көрбөскө жазмышымды.
Көксө канбай өткөргөн өмүрүмө,
Ичтен сызып, өзүмчө таарындымбы?

Тагдыр деген берилген мага кандай,
Жакшы болсо өтөрмүн аткан таңдай.
Жаза тайып, тагдырдан мен жаңылсам,
Кейип, өмүр сүрөрмүн өчкөн шамдай.

Артта калып, жашоодо сүрүлдүмбү?
Күзүндөгү бариктей кубулдумбу?
Жан дүйнөсү жардыга жеткире албай
Акыр түбү мен андан түңүлдүмбү?

Эмне жазса өтөдүм өмүрүмдө,
Турат баары сакталып көңүлүмдө.
Кандай өмүр сүргөнүм айтып турат,
Ырларымдын жазылып түрмөгүндө.





## ТАТЫКТУУ ӨМҮР СҮРДҮҢБҮ?

Биздин күндөр али күнчө эсимде,
Кыялданган күндөр өчпөй сезимде.
Беш жылдан соң жолуксак деп айтканда,
Маани берип, ойлобогом кезинде.

Отуз беш жыл өтүп кетти арадан,
Өмүр калды, күтүп жолуң караган.
Жакшы-жаман күндөр өтүп жашоомдо,
Жаш кезим жок, азыр чачым агарган.

Кайдасың сен, барсыңбы бул жалганда?
Бул өмүрдө болбодуңбу арманда.
Шүгүр кылбай, наалый берип жашооңдо
Жек көрүндү болбодуңбу балдарга?

Аялыңа аяр сүйлөп аядыңбы?
Көңүлүңө өчкүс так камадыңбы?
Кага сүйлөп болбос жерден кыйкым издеп,
Жүрөгүнө кетпес кекти салбадыңбы?

Кайда, кантип жүрөсүң билбей келем?
Окулбаган сырдуу бир китеп белең?
Текке кетпей бир келген өмүрүңдө,
Жакшы ата болдуңбу деп ойлой берем.

## ШУГҮР КЫЛЫП ЖАШАЙЛЫ

Жай турмуш өтүп жатат өз нугунда,
Байлык деп жанын кыйнап сен жулунба.
Ар кимдин өзү салган жолдору бар,
Туз баскан багытыңдан эч бузулба.

Баратам мен да турмуш ыргагында,
Өмүрүм калды сонун жылдарымда.
«Энем» деп, көңүлүмдү улап турса,
Ал жагы балдарымдын ыйманында.

Өмүрдүн жетсек кана кадырына?
Көрөсүң эмне жазса тагдырыңа?
Кыбырап жүргөнүбүз өзү бакыт,
Жашайлы шүгүр кылып бардыгына.





## ЖАКШЫ АДАМ

Мээрим чачып караса көздөрүнөн,
Ката таппайм сүйлөгөн сөздөрүнөн.
Жакшы адамдар жанымда көп болсо эгер,
Эч убакта азбайт элем мен өңүмдөн.

Олтуруп сүйлөшкөндө эргүү алган,
Акыл айткан сөзүнөн балы тамган.
Урмат менен сүйлөгөн ар бир сөзү,
Билдирбестен өзүнө арбап алган.

Жан дүйнөң жардыланып бөксөргөндө,
Көңүлүң куржун өңдүү сөгүлгөндө.
Жүрөгүң топук алып азыктанат,
Жакшы адам чын дилинен төгүлгөндө.

## АРУУЛА ЖАМГЫР ДҮЙНӨМДҮ

Чакалап куйган жамгырга окшоп төгүлүп,
Жашырсам болбой, өксүгүм сыртка көрүнүп.
Кең аалам мага тар болуп бара жаткансыйт,
Кетилип улам, жан дүйнөм барат сөгүлүп.

Бүркөлүп дүйнөм, көңүлүм чөгүп турганда,
Басылбай төгүп бетимди жамгыр жууганда.
Жеңилдеп денем, учкандай болдум канатчан,
Төгүлгөн жамгыр аруулук мага сунганда.

Саамайым сылап, нөшөрлөп жамгыр куйганда,
Тазалап дүйнөм, капалык айдап кууганда.
Жадырап жаздай ачылып кетти кабагым,
Керемет жашоо кымбатын өмүр туйганда.





## ЖАҢЫ КҮН

Дагы бир күн келди мына жаңырып,
Өмүр өтөт агын суудай агылып.
Ар бир күнүм куру бекер өтпөстөн,
Калса экен жакшы ырлар жазылып.

Күндөй болуп жайнап турсам жадырап,
Анда ырлар гүлдөй болуп ачылат.
Окуган жан эргүү алып шыктанган,
Мөлтүрөгөн тунук ырлар жазылат.

Көңүл ооруп куса болуп турганда,
Жамгыр сымал бетимди жаш жууганда.
Ырларым да томсорушат муңайып,
Сүйүнүшөт көңүл суудай тунганда.

Текке кетпей өткөн өмүр жылдарым,
Калбаса экен ичке каткан сырларым.
Бир чымчымдан ар бир ырга кошкондо,
Өтмүшүмдү айтып берет ырларым.

## БУРЧТАГЫ КАЗЫК!

Келин болуп, ак көшөгө тагылып,
Өтүп күндөр, айлар жылга агылып.
Салыштырдым, мен өзүмдү ойлонуп,
Бурчта турган бир казыкка кагылып.

Мен да ошол ат казыктай кагылдым,
Бир жаралган өмүрүмдө жаңылдым.
Билинбестен жипсиз гана байланып,
Чыккыс болуп ал казыкка таңылдым.

Жашап калдым тагдырыма багынып,
Башыма ак жоолугум салынып.
Келатамын оор жүктү көтөрүп,
Түгөнбөгөн көр түйшүккө малынып.

Дале турат бурчтагы казык катып,
Чач агарып жаштыгым кетти шашып.
Балдар үчүн баарына кайыл болуп,
Коломтомду өчүрбөй келем жагып.





## ӨКҮНҮЧ

Жаш кездей жанбайт аруу сезимдерим,
Жолумдан кайра мага кезикпегин.
Нугуна мезгилдердин түшүп алдым,
Өмүрдүн сыноосунан өткөн кезим.

Турганга кабарлашып жол болбогон,
Почтадан кабар айтып кат жолдогон.
Экөөбүз эки башка жолго түшүп,
Көзүбүз канча жолу жашка толгон.

Турмушуң кыйын тура оңбогондой,
Бардыгы болбойт экен ойлогондой.
Өмүрүм өтүп кетти өксүк менен,
Эч нерсе бул жашоомдо болбогондой.

Өкүнүп өксүгөндүн пайдасы жок,
Кайрылып бара албайбыз айласы жок.
Тагдырдын мыйзамына башты ийип,
Жашайбыз жаралгандай санаасы жок.

## СЫРДАШКЫМ КЕЛИП ТУРАТ

Ар бир ырдын баш сөзүн баштап коюп,
Аягына чыгарбай таштап коюп.
Түгөнбөгөн түйшүктөн арыла албай,
Өзүмдү-өзүм жүрөмүн алдап коюп.

Улай албай, аягын ойго батып,
Аргасыздан өтмүшүм ырга жазып.
Жол каратып, ырымды күттүрбөстөн,
Баштасам дейм, ырлардын кенин казып.

Жакшы жазсам, өңүнө чыга түшөт,
Жаман жазсам, көңүлү сына түшөт.
Ырыма окшоп, жүрөгүм өтө назик,
Жумшак сөзгө жан дүйнөм тына түшөт.

Жол каратып, эргүү келбей кечигишет,
Каяккадыр жашынгандай сезилишет.
Сырдашкым келип турат жакшы ырларда,
Күткөндөрүм айтчы качан кезигишет?





## ЧАБЫТ

Куштардын келген чабыт мезгилиндей,
Кыйноого алынган ой эч билинбей.
Ыр десе, алыс учкан ой чабыты
Көл чалкып, толкуп жаткан көк иримдей.

Чабытым кенен аккан дарыядай,
Агылат токтой албай алга карай.
Алдымда билем албан иштер күтүп
Турганын, иш жасаймын али далай.

Баштаган иштин жетип акырына,
Таянып, жол көрсөтчү акылыма.
Көксөгөн максатыма жеткенимче,
Жаратпа мезгил тоскоол чабытыма.

Ыр жазуу ой чабытын кенен кылып,
Ыр келсе бир башкача көңүл жылып.
Келатам күрөш менен башым ийбей,
Калбайын деген ойдо ичтен тынып.

Куштардын келген чабыт мезгилиндей,
Кыйноого алынган ой эч билинбей.
Ыр десе алыс учкан ой чабыты,
Көл толкуп, толкуу тарткан тээ иримдей.

## КАРЫЛЫККА ЖЕТКИРСИН

Мээрим төгүп чыккан күндү тосуп алсак,
Калем алып, эргүүдөн ырлар жазсак.
Жараткандан тартуу болгон зор талантты,
Кор кылбастан ыр дүйнөнүн кенин казсак.

Адашпадык кең жолдун түзүндөбүз,
Ырлар жазып үмүттөрдөн үзүлбөдүк.
Канча ашуу, кыйын жолдор келсе дагы,
Сабыр менен жеңе билип бүгүлбөдүк.

Шашып улам өмүрлөрдүн баратканын,
Баалап калсак кайрып албай канаттарын.
Бул жашоо кандай таттуу эгер билсең,
Карылыкка жеткирсе экен Жаратканым.





## МЕЗГИЛ САГА БАГЫНДЫМ

Балалыгым өттү тунук булактай,
Ойночу элем так секирип улактай.
Өмүрүмдүн эң бактылуу күндөрүн,
Кудай мага берген экен суратпай.

Арыкчырай, назик элем керилип,
Энекемдин мээримине семирип.
Колума алып, кирип китеп ичине,
Жомокторду окуйт элем берилип.

Ата-эне тарбиясын көргөнмүн,
Насаатына көңүлүмдү бөлгөнмүн.
Оор басырык мүнөзүмдү танбаймын,
Анткени мен китеп окуп көнгөнмүн.

Дүйнөм тынч түйшүк эмне билбедим,
Жаман сөзду көңүлүмө илбедим.
Жамандарды жандап калсам кокустан,
Адашпадым, ийри жолго кирбедим.

Алыс кетип турмуш шарга агылдым,
Кирсиз тунук балалыгым сагындым.
Жаш кезектин уурдап алган элесин,
Мезгил сенин өкүмүңө багындым.

## ШҮГҮР КЫЛГАН ЭНЕМИН

Сыртта суук, кыштын уруп ызгаары,
Үйдө жылуу жаныңдын го жыргалы.
Жаздын али келишинен кабар жок.
Кар жамынып, жатат тоо-таш кырлары.

Быйылкы кыш катуу келди караандай,
Жыгылбастан жүрдүм басып аярлай.
Үшүк алып кетмек беле дүйнөмдү,
Көңүлүмдү балдар калса таба албай.

Сабыр менен баарын жеңип келемин,
Бар насаатым балдарыма беремин.
Уул-кыздан сый-урматты сезгенде,
Ойлогон ой, максатыма жетемин.

Балдарымдын тилеп күндө аманын,
Неберенин сүйүп турсам жамалын.
Тирүүлүктүн баркын дайым баалаган,
Шүгүр кылып, жашаган бир апамын.





## СААТЫМ КАЙДА ШАШАСЫҢ?

Чык-чык-чык деп, чыкылдайсың тынбайсың,
Таңдан кечке өз гимниңди ырдайсың.
Болгун тез деп, мени болсо шаштырып?
Өзүң неге бир орундан жылбайсың?

Бир мүнөтүң айга-жылга алмашып,
Өткөн өмүр, мезгил менен жалгашып.
Үйдүн төрүн ээлеп алып карайсың,
Өмүр үчүн пендең турса кармашып.

Жебең тынбайт, тегеренип басасың,
Билдирбестен жашым уурдап аласың.
Болуп өткөн өтмүштөрдү жашырып,
Айтып бербей, аны кайда катасың?

Чык-чыгыңдан эргүү алып ырдайын,
Чыкылдай бер мен да сени тыңдайын.
Үй-бүлөмө мүчө болуп дайыма,
Каалашыңча чыкылдай бер тыйбаймын.

## ЫРЫМ САГА БАЙЛАНДЫМ

Көрөңгөмдүн көзүн ачып жайландым,
Өзгөрүлүп, ыр дүйнөгө айландым.
Чыга албаймын, жипсиз сага байландым,
Билек түрө, жазуу үчүн шайландым.

Орошон ой келсе кетем кыр ашып,
Ырлар сага болдум неге мен ашык?
Ак-Буурадай толуп-ташып сыр ачып,
Эргүү менен келем анан ыр жазып.

Жүргөнүмдөй аста таштап кадамым,
Сөздү терип, асылдарын табамын.
Жазган ырым тапса окуур адамын,
Анда мен да ырларымдай тазамын.

Ырым сенсиң түгөнбөгөн байлыгым,
Сен барда кетет мендеги бүт кайгы-муң.
Сени менен өтөт күнүм, ай-жылым.
Жашай бергин мени өчүрбөй сан кылым.





## АСЫЛ СӨЗ УККУМ КЕЛДИ

Ойлорум уйгу-туйгу жайында эмес,
Күндөрүм өтүп жатат жөн гана элес.
Сыйлашып жүрөлүчү кыска өмүрдө,
Кеткенче чын дүйнөгө барса келбес.

Көңүлүм абдан назик гүлдөй болуп,
Кичине сөзгө деле калам ооруп.
Жүрөгүмдөн чыгарбасам жамандарды,
Каламын жаз гүлүндөй эрте соолуп.

Тоолордой бийик эле оюм менин,
Булактай тунук эле сезимдерим.
Карылык жашка жетип калсам деле,
Кыялымда секелектей кезимдемин.

Аруу кезди ошондогу жазгым келди,
Дүйнөсү таза адамга айткым келди.
Жаныма кубат болчу жакшы сөздү,
Жанына угуу үчүн баргым келди.

Жан дүйнөм асыл сөзгө толуш үчүн,
Бир өмүр жакшы менен калгым келди.

## СЕКЕЛЕК КЫЗДАЙ ЭЛИРИП

Басылбай жамгыр куюлуп,
Көчөдө эл да суюлуп.
Баратам колдо чатыр жок,
Жамгырга бетим жуулуп.

Кийимчен суга киринип,
Карашат баары тигилип.
Эргүү кошо келгенсийт,
Төгүлгөн жаанга биригип.

Жаштыгым менен кезигип,
Жаш кыздай болуп сезилип.
Алыпмын тобо уялбай,
Секелек кыздай элирип.

Аруулап улам сезимди,
Элирип турган кезимди.
Өмүрүм уурдап алганга,
Күнөөлөп турдум мезгилди.





## ЫР ДҮЙНӨ БАГЫНДАМЫН

Калем алып ырлар жазгым келген кезде,
Сүйүү ырын жаздым илхам берген кезде.
Түшүрбөйүн көлөкөнү десем дагы,
Түйшүктөрүм жазып коём кээ бир кезде.

Күндөй болуп ырларыма тийсем деймин,
Неге ырларым суз экенин билсем деймин.
Ажарларын ар бир ырдын ачуу үчүн,
Оргуштаган ыр дүйнөгө кирсем деймин.

Жакшы ырды жазуу үчүн жалындадым,
Жаман сөздү айткандарга багынбадым.
Жол жок эми, артка кайра кайтпоом керек,
Ушул кезде ыр дүйнөнүн багындамын.

## УЛУУ СЕЗИМ

Удургуган сезимдер тушап алып,
Жан дүйнөсү жардыга ушаланып,
Өмүрүмдү өткөрдүм арман менен,
Өксүгөндөн жүрөмүн кусаланып.

Күлгүн кезим гүл эле ай чырактай,
Кубулдум го күздөгү жалбырактай.
Жаш кезимде жолугуп койсоң эмне,
Мөлтүрөгөн сезимди жалдыратпай.

Балдар үчүн баарына кайыл кезим,
Алоолонгон жаштыгы өчкөн сезим.
Ушу күндө жашаймын шүгүр кылып,
Балдарына баламдын төгүп мээрим.

Мейли эми сүйүүңдү сездирбегин,
Сүйөмүн деп эсимди кетирбегин.
Тынч жүргөн жан дүйнөмө бүлүк салып,
Эми менин жолумдан кезикпегин.





## ЭСТЕЙ ЖҮР

Жадырап, жаз келди кулпуруп,
Аңкыган гүл жытын жуттуруп.
Жолуксак дечүбүз ар жазда,
Жаш өттү, мезгилге уттуруп.

Өтсө да, ал күндөр эскирбейт,
Ойлогон ойго да жеткирбейт.
Жол карап, күнү-түн күтсөң да,
Жолубуз эч качан кезикпейт.

Суктанып, гүлдөргө жайнаган,
Ан сайын жазга мен байланам.
Элестеп ошол күн көзүмө,
Жаш болгум келди го кайрадан.

Кечээ эле сырдашып жүрчүбүз,
Кыялда бирге өмүр сүрчүбүз.
Тагдырдын буйругун ойлобой,
Жолукчу күндөрдү күтчүбүз.

Жашыбыз кетиптир токтобой,
Күнүбүз күндөргө окшобой.
Унутпай дайыма эстейбиз,
Өткөргөн күндөрдү жоктобой.

## ЖАКШЫ СӨЗ ЖАН АЗЫГЫҢ

Алыстасам ичи жаман адамдан,
Адашпасам аяр баскан кадамдан.
Туура жолду тандоо үчүн өзүмө,
Керек болсо сабак алам жамандан.

Бөлүп-жарып, адамдарды талдаган,
Жагалданып байды гана жандаган.
Жакшылык жок жан дүйнөсү кирдеген,
Айбан сыңар адамдар бар сандаган.

Байлык деген колдун кири билгенге,
Жакшы сөз бар жан дүйнөңө илгенге.
Акылдууга жолугууну самасаң,
Алып барчу жакшы жол бар киргенге.

Баалай билгин жакшы адамдын асылын,
Жанга сиңир анын айткан акылын.
Жандап жүрсөң жакшыларды дайыма,
Толуктайсың жан дүйнөңдүн азыгын.





## БЫРЫШ ИЗИН САЛЫПТЫР

Жашап келдим турмуш менен алышып,
Калбайын деп мезгил менен жарышып.
Колдон келген жумушумду жасадым,
Чын дилимден тириликке жабышып.

Байкатпастан жашым уурдап алыптыр,
Алышарга күчүм кетип калыптыр.
Тырбалаңдап турсам дагы алым жок,
Маңдайыма бырыш изин салыптыр.

Жашоо үчүн жан далбастап жүгүрдүм,
Артка карайм, эмне жумуш бүтүрдүм?
Чоңойсо деп, эч нерседен кем болбой,
Балдар үчүн жан аябай бүлүндүм.

Келин келди, көшөгөсү көгөрүп,
Жакшынакай уул-кызы төрөлүп.
Баш кошулуп, башыбызга көбөйүп,
Неберелер ак-бешикке бөлөнүп.

Кичинекей шаар болуп түптөлүп,
Кем-карчтары келет улам бүтөлүп.
Биздин баскан жолду алар кайталап,
Үй-бүлөм деп, иштеп жатат күчтөнүп.

Алтымышка жашым келди токтолуп,
Ыр жазам деп, турган кезим октолуп.
Ырларымда калсам деймин жазылып,
Кетсем дагы бул дүйнөдөн жок болуп.

Токтой турчу өмүр өргө көчүрбөй,
Ырым жаздым уйкуга мен көшүлбөй.
Изги тилек, арзууларым жазылган,
Ырларымда калтыр мени өчүрбөй.

Ыр сандыгым турат али ачылбай,
Оо өмүрүм! Токтой турчу шашылбай!





## ЫР КУРЖУН

Ыр түрмөгүн терип алып колума,
Не бир асыл сөздөр келди оюма.
Сез берметин тизип алып шурудай,
Мончок кылып тагып алдым мойнума.

Мончогумду карагандан талбадым,
Куюлушкан ыр дүйнөнү тандадым.
Унутпастан мени эстеп жүрүшөр,
Калса артымда жакшы жазган ырларым.

Эргүү келсе өзүмчө эле шашамын,
Ыр куржундан ыр чачыла чачамын.
Эргип жазам ырларымды шашылбай,
Мен анткени ыр дүйнөдө тазамын.

## ТЕЛЕФОН

Китеп калды окурманын издеген,
Жаш-кары жок телефонго кирбеген.
Ал ансайын көз майларды коротуп,
Адат болду телефонду тиктеген.

Балдарыбыз ойноор эле чабышып,
Калгычакты колдору да карышып.
Өчү бардай оюнчукту карабай,
Олтурушат телефонго жабышып.

Эне өзү телефондон бошобойт,
Мурдакыдай жомок айтпайт жолобойт.
Тынчын ойлоп берип коёт колуна,
Кетип жаткан ден соолугун ойлобойт.

Айткылачы кайда кетип барабыз?
Туура жолду кантип анан табабыз?
Бизди көрүп балдар дагы окушар,
Келгилечи китеп бетин ачабыз.





## КЫШКЫ ЭРГҮҮ

Бүгүнкү күн өзгөчө бир башкача.
Дарактар да көйнөк кийип жасана.
Айлананы коодукка бөлөгөн,
Жердин бети ак барактай таптаза.

Эргүү келип ойлорумду сапырат.
Бүгүн сөзсүз жакшы ырым жазылат.
Ырларымды коздой жазсам шөкөттөп,
Аппак гүлдөй көркө толуп ачылат.

Ак кар бүгүн айланага төгүлдүң,
Суктандырып сулуу болуп көрүндүң.
Жердин бетин аккан суудай тазартып,
Ачырдың го черин жазып көңүлдүн.

Жердин үстү аппак карды жамынган,
Кетпес кирди кар астына жашырган.
Ушул бойдон тура берчи эрибей,
Агартуучу аппак карым жактырам.

## КЫРК ЖЫЛДЫК СҮРӨТ

Эргүүлөрүм күүгө келип безеленип,
Жамгыр сымал төгүп турат себеленип,
Сүрөтүмдү көрүп алып ыр жаздым мен,
Кыялымда ал күндөргө жетеленип.

Өрттүү кездин жашаппыз биз жыргалында,
Окуп жүрдүк жаштык доор ыргагында.
Ошол убак көз ирмемче сезилбестен,
Өтүп кетти орчундуу бир жылдарында.

Аруу элек анда кыздар аткан таңдай,
Окуу жайлар окутушчу акча албай.
Кышкы-жазгы сессиялар башталганда,
Калчу эле студенттер залга батпай.

Жаш кездеги сүрөтүмдү карадымбы?
Мөлтүрөгөн ушул менин жамалымбы?
Ош шаарына барып калсам насип буйруп,
Ошондогу издеримди табамынбы?

Кырк жыл мурда түшкөн сүрөт колго тийип,
Олтурамын ал мезгилге башты ийип.
Карегиме жаштыгымды сактап коюп,
Алтымыштын ак көйнөгүн турам кийип





## ЫРДАН КУРСАМ СЕПИЛ

Өзүмдүн көңүлүмдү өзүм улап,
Сөздөрдүн гүлүн терип жазам курап.
Кынаптап кыштай кылып тизсем дагы,
Кээ бири учуп түшөт жерге кулап.

Кулатпай кармасам дейм, сөздүн гүлүн,
Курсам деп, сепил кылып ырдын түрүн.
Эстеймин күлгүн курак жаш кезимди,
Кечирип жатсам дагы өмүр күзүн.

Ал кезде мөлтүр элем, тунук булак,
Көздөрүм оттой күйүп жүрөк туйлап.
Жан дүйнөм жаздай болуп гүлдөп турчу,
Бакыттан күлүп-жайнап, көңүл куунак .

Ошондо чын дилимден күлдүм бекен,
Карылык эмне экенин туйдум бекен
Өмүрдө мезгилдей жаз-кыш болорун,
Курган жан неге билбей жүрдүм экен?

Жоголуп шайыр мүнөз күлкүлөрүм,
Билинбей өтүп жатат күн-түндөрүм.
Кетсем да бул дүйнөдөн көзүм өтүп,
Артымда калса деймин ыр түрмөгүм.

## ОЙЛОР КАЙДАН КЕЛЕТ?

Уктабай бүгүн таңды атырдымбы?
Ирмебей кирпиктерим катырдымбы?
Түбүнө жете албай кыялдардын,
Жүрөккө ойлорумду матырдымбы?

Күндүзү келсең оюм жыргайсың го,
Түндөсү келсең мени кыйнайсың го.
Алышып түнү менен уктай албай,
Кечирчи жан дүйнөмө сыйбайсың го.

Ойлорум тынчтык бербей ээлигесиң,
Акылым алып эстен кетиресиң.
Мингизип кыялымда аргымагын,
Учуруп ай-асманга жеткиресиң.

Термелсем таттуу кыял ойлорумда,
Калем сап жорголосо колдорумда.
Кадамым басса дагы кай тарапка,
Жакшы ойлор жандап жүрсө жолдорумда.
Келгенде кереметтүү ой-кыялдар,
Өчүрбөй сактап калсам ойлорумда.





## ЖАМГЫРДАЙ ТӨГҮЛӨЙҮН

Күзгү жамгыр жаады бүгүн эртелеп,
Эргүүлөрүм кошо келди себелеп.
Кол чатырды көтөрбөдүм атайы,
Баскым келди жамгырга мен эркелеп.

Жамгыр суусу, сезимдерим агартты,
Көөдөнүмдү кир ойлордон тазартты.
Тээ баягы бала кезде ойногон,
Секелектей үйүн көздөй баратты.

Жаш балача эмне мынча сүйүндүм?
Байкабастан жамгыр сага сүйүлдүм.
Токтотпочу шамал сенден суранам,
Өзүң эмес эпкиниңден күйүндүм.

Жаай бергин, бирок жашым агызба,
Тынч дүйнөмө от жалының тамызба.
Эргүүлөрүм турат азыр төгүлүп,
Ырды сура, ырдан мени карызда.

Кеч күздөгү жамгырдай төгүлөйүн,
Сендик болуп бир өзүңө өбүлөйүн.
Алыкулдун ырларына кезигип,
Ак боз атчан кыз болуп көрүнөйүн.
Кеч күздөгү жамгырдай төгүлөйүн,
Ыр болуп, узун чачтай өрүлөйүн.

## АЛТЫМЫШ ЖАШ

Алтымыш жаш келип улам шашкандай,
Бекинсек да бизди издеп тапкандай.
Жашоо улам сонун болуп баратат,
Мээрим төгүп, таң жаңы эле аткандай.

Алтымышка келсек деле жаштайбыз,
Карылык сен шаштырбачы качпайбыз.
Бырыш изин салганы эле болбосо,
Карылыкка баргыбыз жок шашпайбыз.

Алтымыш жаш кирип келдиң акырын,
Токтотууга жетпейт менин акылым.
Мезгил бизди шаштырасың жетелеп,
Бул өмүрдүн билген кезде кадырын.

Өткөн күндү эстеп алып сырдашып,
Бир берилген өмүрлөрдү сыйлашып.
Жакшылыктар болуп калса айылда,
Жүрөлүчү катарлаша бир басып.





## СТУДЕНТТИК КҮНДӨР

Студенттик күндөрүмдү сагынып,
Куса болуп көздөн жашым агылып.
Унута албай ошондогу күндөрдү,
Ак баракка көздүн жашын тамызып.

Ал кездерде бийик эле оюбуз,
Кыялдарга жетчү эле колубуз.
Жан дүйнөнү билим менен сугарып,
Ийгиликтүү болгон экен жолубуз.

Толукшуган айга окшоп жарашып,
Студенттер бирге жүрдүк жанашып.
Каркырадай өтүп калсак көйкөлүп,
Суктанышчу баары бизди карашып.

Аруу элек ак барактай таптаза,
Назик көңүл кыз жүрөгү башкача.
Жарык чачып күн нурундай ачылат,
Жубай кылып тоту куштай таптаса.

Өмүрүмдүн орчундуу бир мезгили,
Көз ирмемдей өткөндүгү сезилди.
Эстегенде өткөндөгү күндөрдү,
Айласыздан жүрөк байкуш эзилди.

Ал күндөргө кайра кайтып бара албай,
Издесең да жер түбүнөн таба албай.
Эскерүүлөр эске келип ойлонтот,
Карылык кез келе жатса табалай.

## КЫЯЛЫМДА ЫРЛАРЫМ

Ойлоносуң ыр жазганда аябай,
Толгоносуң толгоо тарткан аялдай.
Жакшы болсо, көңүлүңө төп келип,
Балдарыңдай коргойсуң го аярлай.

Кетиремин калемимдин шаштысын,
Тапсам деймин сөз берметтин жакшысын.
Жазуу үчүн өчпөй турган жакшы ыр,
Издеп жатам тамгалардын башчысын.

Бир ырым бар ырларымдын ичинен,
Себеби ал мөлтүр сууга киринген.
Арбайт мени улам тартып өзүнө,
Шурулардай катар болуп тизилген.

Килем болуп, төшөлсө дейм жолума,
Жакшы көрүп кээде катам койнума.
Кыялымда жакшы көргөн ырымды,
Мончок кылып тагып алам мойнума.





## КЕЛЧИ ЖАЗЫМ

Көнөктөп жамгыр мынча төгүлөсүң,
Булутка кирип алып чөмүлөсүң.
Чыгарбай жымыңдаган жылдыздарды,
Бүт аалам, көк асмандын төрүндөсүң.

Күттүрүп, жазым неге кечигесиң,
Өчөшүп айтса кайра теригесиң.
Түнөрүп, күндүн бетин тосуп алып,
Шолоктоп, кызга окшоп эзилесиң.

Суранам, келчи эми жазым менин,
Кадырың билбептирмин деги сенин.
Энеден мээрим күткөн жаш баладай,
Жылуулук эңсеп турат менин демим.

## КУТТУУ БОЛСУН МАЙРАМЫҢАР

Куттуу күндөй, атып чыккан таңсыңар,
Ай нуруңдай жанып турган шамсыңар.
Жан киргизип, өмүр берген жашоого,
Аялзаты бүт дүйнөдө барсыңар.

Карлыгачтай катар болуп сабыңар,
Мөмө байлап турсун дайым багыңар.
Катуу келген бороонго да кебелбей,
Эч убакта ийилбесин шагыңар.

Тайманбастан кыйын жолду бастыңар,
Канча бийик ашууларды аштыңар.
Теңдеши жок мээрим төгүп балдарга,
Чаң жугузбай уул-кызды бактыңар.

Көңүл чөгүп, көтөрүлүп табыңар,
Эч убакта оорубасын жаныңар.
Коломтонун оту өчпөй дайыма,
Бекем болсун түптөп келген шаарыңар.





## ЭНЕСИЗ ЖЕТИМ

Жаралса жалган дүйнөгө,
Жамалын эне көрбөсө.
Тоголок жетим аталып,
Көз жашы күндө көлдөсө.

Кандай эне болду экен,
Өз баласын жериген?
Төрөлбөй жатып куураптыр,
Бактысы соолуп кемиген.

Жүрөгү таштан бүткөнбү,
Күкүктөй өмүр сүргөнбү?
Баласын сүйүп карабай,
Жаралган кара мүртөзбү?

Кандай күн болот балага,
Чыркырап жатса талаада.
Кечирбейт Кудай андайды,
Өмүрү өтөр санаада.

## ӨМҮР БАРКЫ

Оо жаштыгым, кайда кетип барасың!
Алыстайсың убайымга саласың.
Узагандан узап барат караанын,
Билдирбестен өмүрүмдү аласың.

Токтой турчу, эмне мынча шашасың?!
Сурансам да менден алыс качасың.
Ар мүнөтүң кымбат болуп баратат,
Кыйнап мени эмне ойлорго саласың?

Өтөт жаштык, агын суудай алкына,
Кайтара албай кыйналамын артына.
Өтүп жаткан өмүр жолун тосо албай,
Өткөрүпмүн жетпей сенин баркыңа.

Баркың билип, сездим жашоо жыргалын,
Жапыз болдум, кээде аштым кырларын.
Унутулбай артта калып, эскерер,
Сендей барктуу болсо экен ырларым.

Шаштырбачы өмүр сенден суранам!
Жакшы ырларды эми элге суна алам.
Ырларымдын турат чети оюлбай,
Бүтүрөмүн болот менин убадам.

Жебе сындуу алга карай жылайын,
Максатыма жеткен кезде тынайын.
Изги оюм тоосу бийик аскадай,
Ыр кербенден орун алып сыяйын.





## ПОЭЗИЯ ОРДОСУ

Жети дубан таланттардан топтолгон,
Акындар бар Ак-Буурадай октолгон.
Аккан сууну буруп турган бир нукка,
Жол көрсөтчү сынчылар бар токтолгон.

Поэзия бириктирип Ордону,
Акындарды алып келди жолдогу.
Жазалычы эргүүлөрдү токтотпой,
Кургатпастан сыя калем колдогу.

Эргүүлөрү булак болуп агылып,
Жүрөктөргө сүйүү оту жагылып.
Окуганда жүрөк кылын терметкен,
Өчпөй турган ырлар келет жазылып.

Улуу-кичүү бирин-бири сыйлашып,
Келген ырды айтып турат сындашып.
Кутман таңда салам жолдоп дайыма,
Жолукканда бир туугандай сырдашып.

Алтын тамга менен атың жазылсын.
Бүт өлкөмө, даңкың чыгып таанылсын.
«ПОЭЗИЯ ОРДОСУ» деп айтылып,
Унутулбай артта калчу тарыхсың.

## ТУНУК ЭЛЕ ОЙЛОРУБУЗ

Беш көкүлчөн секелек кыз кезимдеги,
Наристедей аруу таза сезимдери.
Балдай таттуу балалыгым сагындым мен,
Ойноп жүргөн туулуп-өскөн жеримдеги.

Мөл булактай тунук эле ойлорубуз,
Окуу үчүн кенен эле жолдорубуз.
Жер шыпырып, чакмак ташты ойногондон,
Эстен кетпейт, туурулган колдорубуз.

Колдон китеп түшүрбөстөн окуганбыз,
Сыя гүлдөн терип топу токуганбыз.
Мен мугалим, сен жазуучу болосуң деп,
Тилек айтып, кыялдарды жоруганбыз.

Шайы көйнөк кийчү элек кызыл гүлдөй,
Жоодураган көздөрүбүз жанып күндөй.
Оо жаштыгым, бир кайрылып келсең эгер,
Жашармакмын жаш кездеги сүрөтүмдөй.





## АЯЛДАРДЫ АЯГЫЛА

Аял деген үлбүрөгөн назик гүлдөй,
Аяр карап, алпештегин аны үзбөй!
Жакшы сөздүн кулу болот эгер билсең,
Ачылат го, күндөй болуп сени көздөй.

Көңүл гүлдөй, бирок эрки күчтүү келет,
Жакшы сүйлөп, колдоп дайым күтүү керек.
Азап берип, аялдарды кордой бербей,
Чын көңүлдөн аяп, дайым сүйүү керек.

Төгүлтпө аялдардын көздөн жашын.
Көргүң келсе энелердин мөмө багын.
Эр Манастай уулдарды төрөп берет,
Желек болуп, коргоп турсаң аяп жанын!

## КЛАССТАШТАРЫМ КЫРК ЖЫЛДЫКТА

Бир класста, бир партада олтуруп,
Окусак деп, алга карай озунуп.
Агай-эжейдин сөзүн угуп дайыма,
Катарлаша жүрчү элек созулуп.

Бир мектептен билим алып тараган,
Билинбестен кырк жыл өтүп арадан.
«Кырк жыл» деген эки ооз сөздүн ичине,
Канча тагдыр, канча сырлар катылган

Чырпык элек, чынар болдук шактаган,
Чоң бакчабыз мөмөлөрүн байлаган.
Уул үйлөп, келин алып, кыз берип,
Бактылуубуз чүрпөлөрдү жыттаган.

Жашыбыз бир топ барып калса да,
Жүзүбүзгө бырыш изин салса да.
Жүрөгүбүз дале турат жаш бойдон,
Баары сулуу, баары бүгүн башкача.





## ЖҮРӨМҮН СЕКИН ЫР КУРАП

Сүлүктү деген жери бар,
Кара алтын деген кени бар.
Китепке жазып дүйнөсүн,
Ырдан курган себи бар.

Ырлар деп, жанат жүрөгүм,
Ичинде ырдын жүрөмүн.
Жаралып калгам ушундай,
Чындыкты гана сүйөмүн.

Ашыкча басып жүрбөгөм,
Маанисиз сөзгө күлбөгөм.
Эки жүздүү адамды,
Эзели жаным сүйбөгөм.

Акырын басам керилип,
Көңүлүм назик сезилип.
Жакшыдан уксам жакшы кеп,
Жан дүйнөм жыргайт семирип.

Жамандар болот керексиз,
Каткырып күлбөйм себепсиз.
Жакшы сөз жандап жүрсөм дейм,
Өмүргө келген белекпиз.

Чындыкты айтам чыркырап,
Эргүүм келсе ыр курап.
Өзүмдүн жазган ырыма,
Көзүмдүн жашы буркурап.
Кудайым берген талантты,
Таптап бир жүрөм, ыр курап.

## КЛАССТАШТАР ЖАЙЛООДО

Мээрим чачып, күн нуру төгүлгөндө.
Классташтар телефондон көрүнгөндө.
Жөнөйлүк деп, жайлоого жамыратты,
Ойлорубуз силерге бөлүнгөндө.

Кыздарыбыз чай кайнатып, отту жагып,
Тортту кесип, ортого нанын жайып.
Дасторконго жайнатып даамдарды,
Жакшы өтсүн бул күндөр эсте калып.

Аккан суунун шаркыраган үндөрүндө,
Жыты аңкыган жыпар жыт гүлдөрүндө.
Таза абада дем алып жыргап жүрөт,
Нур төгүлүп курбулар жүздөрүндө.

Кандай сонун жайлоодогу керемет,
Күндө эмес, бул күндөр да бир келет.
Кадырлашып жүрөлү сый үстүндө,
Классташтар бүгүнкүдөй эркелеп.





## ЖАЗЫП КОЙДУМ

Кыялдагы ойлорумдун түрмөгүн мен
Жыйнар кезде жолум тосуп, үзбөгүн сен.
Канча өмүр калганын да айта албаймын,
Жалбырактай саргайган кеч күздөмүн мен.

Орто жаштан өтүп калган кезимдемин,
Ыр жазам деп, кыйнап койдум сезимдерим.
Көрөңгөмдөн чыккандарын жазып койдум,
Окурманым оку, бирок эзилбегин.

Өткөн өмүр, кеткен менин жылдарыма,
Башты ийип, турмуш-түйшүк ыргагына.
Жан дүйнөмдү түшүнгөн адам таппай,
Өтмүшүмдү жазып койдум ырларыма.

## КЕТКИМ КЕЛДИ

Турам азыр көлдөй болуп толуп-ташып,
Кусалыгым көөдөндөн турат ашып.
Сыздагандан жан дүйнөм ыйламсырап,
Көз жаштарым бетим ылдый агат жашып.

Көкүрөгү көр пендеге туш болдумбу?
Көктө учпай капастагы куш болдумбу?
Аркалабай Кудай берген талантымды,
Заар тилден жүрөк ыйлап бук болдумбу?

Төккөн жамгыр саамайымдан сылап койчу,
Сендей ыйлап турам, алым сурап койчу.
Сур булуттар кебездей чубалжыган,
Өзүң келип, көңүлүм улап койчу.

Кайдадыр бир алыстарга кетким келди,
Кызганычтын уусун жутпай безгим келди.
Тынч жашоону көңүл кушу каалап турат.
Бир берилген өмүр баркын сезгим келди.
Эркин куштай көк асманда каалгый учкан,
Дүйнө жүзүн бир айланып кезгим келди.



# УЛУУ ИНСАНДАРГА

# АЛЫКУЛДУН ТАҢЫ ДАЙЫМ АТКАНДАЙ

*(Алыкул Осмоновдун жаркын элесине арнаймын)*

Бала чагын жетим атка кондуруп,
Өксүк менен жан дүйнөсүн тоңдуруп.
Неден жазды, келбей жатып жарыкка?
Азаптарды берип койду толтуруп.

Суук өтүп, жүргөн кезде карышып,
Кургак учук келди ага жабышып.
Кыйынчылык жазмышынан чыга албай,
Жашоо үчүн өмүр сүрдү алышып.

Талант берди, жетим жетти жетилип,
Оор тагдыры койду аны кемитип.
Өткөн күнүн ырга салып чыгарды,
Эстегенде жан дүйнөсү кетилип.

Айдай сулуу тагдырына буюрбай,
Акын баркы Айдай кызга туюлбай.
Сыя ордуна жашы менен ыр жазып,
Түндү өткөрчү көз жаштары тыйылбай.

Көзү түштү Зейнеп аттуу сулууга,
Сөз айттырды бирге турмуш курууга.
Билимдүү кыз акын атын укканда,
Макул болду элдин улуу уулуна.





Айдайындай сүйүү көлгө туна албай,
Коломтосу өчтү кайра тутанбай.
Эрмек болгон кызын колдон жулдуруп,
Турмуштары калды ошентип уланбай.

Жан дүйнөсүн китеп менен сугарган,
Бүт ырлары Ысык-Көлдөн куралган.
Акын өзү көлдөй болуп толкуса,
Эргүүлөрү жээкти көздөй суналган.

Жолго түштү, ак боз атын теминип,
Ырларына жан дүйнөсү семирип.
Уйку көрбөй күчүн ырдан чыгарды,
Сыздатса да оору жанын кемирип.

Аз калганын билип өзү жүргөндө,
Сырттан күлүп, ичтен сызып күйгөндө.
Тирүүлүктө мындан өткөн азап жок,
Кетер күнүн сезип өмүр сүргөндө.

Чынар болуп, жылдан-жылга көктөгөн,
Көзү өтсө да ыры калды өчпөгөн.
Аппак мөңгү баскан бийик чокудай,
Булак сыңар, ырлары анын чөкпөгөн.

Алыкулдун таңы дайым аткандай,
Көлдөй толкуп, толкун болуп жаткандай.
Алга сүрөп акындарды дайыма,
Ак боз атын чаап бара жаткандай.

## ЫРГА АЙЛАНГА ӨМҮР

*(Рыспай Абдыкадыровдун жаркын элесине арналат)*

Ааламда бир залкар инсан жаралып,
Өчпөс ыры бир өзүнөн таралып.
Оргуштаган эргүүлөрү төгүлүп,
Обондору оттой күйүп, жан алып.

Армандарын күүгө салып ырдаган,
Сүйүү үчүн, ичтен күйүп сыздаган.
Алоолонгон махабатка өрттөнүп,
Ырларында далай боздоп ыйлаган.

Махабаттын бийиктигин сездирген,
Далай кыздын жүрөктөрүн эздирген.
Угармандын жан дүйнөсүн черткилеп,
Сүйүүлөрдүн талаасына кездирген.

Обондору бүткөн өңдүү жалындан,
Угармандар, ырын эстеп сагынган.
Бактылуу сулуу жашап өткөндүр,
Алп акындын, сүйүүсүнө табынган.





## КУРБАНАЛЫНЫН КОЗУ-БАГЛАНЫ!

Козу-Баглан дайрасынын шоокумунан,
Курбаналы ырлар жазган моокум канган.
Ажырагыс бир бүтүндөй жаралып,
Дайра менен ырлары жуурулушкан.

Күүлөнүп агып жатса шаркыратмаң,
Тал-теректер шуулдап коштоп турган.
Жээгинде көк шиберлер ыргалып,
Ырларына куштар сайрап обон салган.

Акындын ширин жазган ырларынан,
Окуган жан өрүктүн даамын таткан.
Ырларында өмүр, сүйүү баарысы бар,
Угарманын кайра окутуп арбап алган.

Куса болуп сагынган дайрасынан,
Эң сонун поэма ырлар жазган.
Жандай көргөн жамгырлуу ак жазында,
Дайрасындай күүлөнүп эргүү алган.

## ЫРЛАРЫНДА СЫЙКЫРЫ БАР АРБАГАН

*(Какен Алмазбековдун жаркын элесине)*

Сары Өзөн, Кең Чүй, Шалта айылында,
Акын өткөн аруу таза дил менен.
Бааланбаган акын көзү барында,
Кадыр-баркым ырларымдан бил деген.

Атың чыгат ар бир күндүн таңында,
Өзүң барсың ар бир ырдын сабында,
Жан киргизип ырдайт улуу тил менен,
Какен ырын артып алып мойнуна.

Ырдап чыккан ырчыларды сындашкан,
Кулак салбай сынчылардын оюна,
Улуу акын Замирбектер ырдашкан.
Көрө албастар бут тоссо да жолуна,

Каршы болуп сынчылардын оюна,
Күйөрмандар ырын угуп жыргашкан.
Жазган ырың жүрөк тушка уюган,
Обон созуп ырдап жатсаң сызылып.





Эли-Журтуң кулак төшөп муюган,
Дастандарга, көөдөндөрү сыгылып.
Көрүүчүнүн көздөн жашы куюлган,
Зал бурчунда өзүң бардай туюлган.

Залга батпай, эл олтурса тыгылып.
Жакшы адам ушундай аз жашаган,
Таланты бар, өмүр өтүп кейиштүү.
Жанын үрөп, эмгектенип талбаган,

Эмгектери болот анан жемиштүү.
Сыйкыры бар ырларында арбаган,
Элиң жоктур ырың укпай калбаган,
Өзүң жоксуң, ошол гана кейиштүү.

## ЫРЛАР КЕТТИ ЖАЗЫЛБАЙ

*(Курбаналы Сабыровдун жаркын элесине)*

Бак ичинде акын жүргөн күнөстөй,
Гүлдүү көйнөк кийген кызды сүрөттөй.
Күлкүсү шар дайрасынын шоокумун,
Кетпейт эле жүрөгүнө түнөтпөй.

Өрттүү кыздын жоодур көзүн сүйгөндө,
Ичтен сызып жалын болуп күйгөндө.
Күркүрөгөн дайрасындай алоолоп,
Акын жүрмөк узун өмүр сүргөндө.

Арманыңдай дайра болуп акпайсың,
Сүйүүлөрдүн отун кайра жакпайсың
Ак тармал чач атап койгон дарыяң,
Агып жатат сенсиз таппай айласын.

Өзүң менен сырлар кетти ачылбай,
Өрүк даамдуу ширин ырлар жазылбай.
Козу-Баглан дайрасындай күркүрөп,
Канча ырлар жарып чыкмак катылбай.
Өзүң сүйгөн дайраң менен агылбай,
Аттиң арман ырлар кетти жазылбай.





## ЖЕҢИЛ КОЛДУУ ТИШ ДОКТУР

*КР эмгек сиңирген дарыгер*
*Нуралы Базарбаевге*

Буту бутка тийбей доктор жүгүрүп,
Эли үчүн кызмат кылат бүлүнүп.
Качан барсаң «кош келдиң» деп жаркылдап,
Тосуп алат элин дайым күтүнүп.

Таңдан кечке эл аягы үзүлбөйт,
Кантип анан күчтүү доктор жүгүрбөйт.
Зарыл болуп калса эгер кокустан,
Үйгө кетпей, иштейт анан күн-түндөп.

Балдар келет эки көзү жалдырап,
Тиши ооруп калса байкуш алсырап.
Алдап-соолап көзүн ачып жумганча,
Тишин жулуп, айыктырат жакшылап.

Колу жеңил билет ага барганда,
Катуу коркуп, жүрөк түшүп калганда.
Жеңил сезип чыгып кетет айыгып,
Күчтүү доктор оорусун бүт алганда.

## ИЛЕГИЛЕК АКЫНЫ

*Мукарамов Бакытбекке*

Эргүүлөрү жамгыр болуп төгүлөт,
Көктө жанган жылдыздардай көрүнөт.
Ар бир ыры бирин-бири толуктап,
Сулуу кыздын чачтарындай өрүлөт.

Ыр түрмөгүн жыйнап келет ийиктей,
Зоболосу барат улам бийиктей.
Жазган ыры оргуштаган булактай,
Бийик тоодо, эркин жүргөн кийиктей.

Ырлар жатат уюп алтын кениндей,
Толкуп турат чалкыган көк деңиздей.
Баралына келип турган убагы,
Ырлар келет катарлашып эгиздей.

Акындыктын кушу сага конобу?
Эли-журттун купулуна толобу?
Лейлек элин бүт дүйнөгө тааныткан,
Күчтүү акын Бакыт сендей болобу?!





## КҮТӨТ СҮЙГӨН БАДАМЫ

*Айнагүл Базарбаева акын кызга арналат*

Булак-Башы анын кичи мекени,
Шыктандырган Айнагүлдөй эркени.
Алча-өрүк, жүзүмдөрү салаалап,
Суктандырат бейиш бактай экени.

Жемиш бактар гүлүн ачып түрлөнгөн,
Айыл турат, көркү артып гүлдөрдөн.
Булак акса, күү чыгарып шылдырап,
Обон салат куштар түркүн үндөрдөн.

Бадам гүлү бажырайып ачылган,
Жыты аңкып теребелге чачылган.
Ал жерлерде чуркап жүргөн кечээки,
Айнагүлдүн издери бар катылган.

Гүлгө жакын жүрөт дайым жанашып,
Гүлдөр дагы сүйөт кызды карашып.
Аппак болуп, тегиз гүлүн ачканда,
Калат дайым бир-бирине жарашып.

Шыдыр болсун ар-бир баскан кадамы,
Таза жүрөк болсун сүйгөн адамы.
Гүлдөгөндө дайым келип турбаса,
Жолун карап күтөт сүйгөн бадамы.

БАТКЕН КООГАЛАҢЫ



## АК ЖООЛУК КАЛДЫ САЛЫНБАЙ

Бейажал кетип, күнөөсүз өмүр кыйылды,
Жүрөгү сыздап, энелер көөнү сыйрылды.
Чек ара коргоп, элине кызмат кыларда,
Тилекке жетпей, максаттар кошо тыйылды.

Мекени үчүн жандарын берди аябай,
Жалтанбай тике согушту артын карабай.
Солкулдап турган жигиттер кетти өлүмгө,
Жаштыктын дооруун, сүрөрдө моокум тарабай.

Ак сүтүн актап элине кызмат кыларда,
Турмушун түптөп, алдыга карай жыларда.
Келинге деген жоолугу калды салынбай,
Энекең күйдү, небере сүйүп сылаарда.

Кыйылды чырпык чынардай болуп бойлобой,
Жол карап күткөн сүйгөнү менен тойлобой.
Үмүтүн артып чоңойткон эне-атасын,
Күйүткө салып, кеттиңер неге ойлобой?

Күндөрүн санап жолукчу күнүн самаган,
Сүйгөнү калды сөздөрдүн гүлүн арнаган.
Кыялбай таштап, кеттиби сүйгөн жарларын?
Жоодурап сүйүп, жолдорун күтүп караган.

Көрбөйсүң эми, жаркырап аткан таңыңды,
Агызды душман жаш кезде ысык каныңды.
Жаралып келип, жалп этип кайра өчтүңөр,
Алдыбы кудай кырчындай кезде жаныңды.

Бир өмүр өтөөр, эненин көөнү ачылбай,
Балама деген, мээрими өчтү жагылбай.
Сыздатып кеттиң энеңди салып азапка,
Жанынан бүткөн, баласы эми табылбай.

Күнүгө ыйлап, кургады көз жаш агылбай,
Келинге деген, ак жоолук калды салынбай...

*Сүлүктү шаары.*





## АЙГҮЛ ГҮЛҮ ЫЙЛАДЫ

Жүрөк канап жааган октон саарлап...
Кары-картаң жыланаяк талаалап...
Жаш балдардын ыйлаганын көргөндө,
Айгүл гүлдөн жаштар акты салаалап.

Санаа басып жүрөктөрү дирилдеп,
Кайсы күнү качабыз деп бириндеп.
Коога салып кыргыз элин кыйнаган,
Өлсөң экен душман ичиң ириңдеп.

Чыдоонун да чеги болот билебиз,
Айлабыз жок жүрөктөрдү тилебиз.
Кокусунан дагы согуш башталса,
Кантип качып, кайда барып киребиз?

Каргыш урсун! Канкор Рахмон сендейди,
Канча дагы кыйнайсың сен элдерди.
Кыргын салып, элге огуң чачсаң да,
Кыргыз бербейт канын төккөн жерлерди.

## УЧУП КЕТТИ ПЕРИШТЕ

*(Тажик огунан шейит кеткен Мадинанын жаркын элесине)*

Супсулуу толуп турган ай сыңары,
Бирөөнүн өчүп калды шам чырагы.
Ошол күн өчпөс болуп түбөлүккө,
Ата-Эненин жүрөгүндө калды тагы.

Периштенин жашоосу жалган тура,
Аны эч ким байкабай калган тура.
Бир окту шылтоо кылып Жаратканым,
Кайра анын гүлдөй жанын алган тура.

Маңдайга жазган тагдыр себеп экен,
Аллахыма сенин кызың керек экен.
Ушундай аруу кызды багып келген,
Энекеге Кудайым күч берсе экен.

Жанып турат сулуулук ажарынан,
Нур төгүлөт, карачы жамалынан.
Эне сүтү оозунан кете электе,
Арачалап кала албай ажалынан.

Душман огу башка тийген муш болуптур,
Сапары да улуу айга туш болуптур.
Аллахымдын сүйгөн ыйык орозо айда,
Периштедей учуп кеткен куш болуптур.





## АЙЫЛДАШЫМ БАРАТОВ НУРБЕККЕ

*(Жаркын элесине арнаймын)*

Төрөлгөнчө сактап эне бооруна,
Төрөп алып, жетти максат оюна.
Аяр кармап, канатына калкалап,
Көтөрдү эне уул баласын колуна.

Тай-тайлаган бөбөк кадам таштады,
Жетелетпей өзү баса баштады.
Кылыктарын көрүп туруп баланын,
Кубанычтан эне көзүн жаштады.

Ак мектептин босогосун аттады,
Тамга жаттап, өзү окуй баштады.
Келечекте чек арачы болом деп,
Кыялданып алга кадам таштады.

Билинбестен мезгил өтүп арадан,
Солдат болду окуп келип калаадан.
«Кантип жүрөт, ачкабы же токпу?» деп
Эне байкуш арылбады санаадан.

Зыңкыйган бир жигит болдуکериле,
Кызмат кылды, сүйүп мекен жерине.
Күнү-түнү элин коргоп душмандан,
Жан аябай кызмат кылды бериле.

Кыргын салды душман кыргыз элине,
Сугун артып, кооз болгон жерине.
«Бир карыш жер, бербейбиз» деп душманга,
Карабастан кыргыз, өзбек тегине.

Так жанына бомба түштү жарылып,
Эр Нурбекти ала кетти жаңылып.
Эне байкуш жамандыкты сезгендей,
Сурап жатты бир Кудайдан жалынып.

Оо ажал сен ташбоор белең күйбөгөн?
Күнүң жок го, кайгы муңду үйбөгөн!
Кан жанынан жалгыз уулун жараткан,
Ажыраттың апакесин чүрпөдөн.

Эл-жерим деп ак кызматын арнаган,
Эми гана кызды сүйүп жандаган.
Келин алып, апакесин сүйүнтүп,
Келер кезде душман огу жайлаган.

Эне байкуш кантип жашайт баласыз?
Көтөрөт да кайгы-муңду, чарасыз.
Көз жашынан көлкүгөн көл жаралып,
Кайыкта эне жалгыз калды калаксыз.

Үмут менен бакты эле баласын,
Жол көрсөтүп, агы менен карасын.
Сыздап жүрүп, өтөр эми өмүрдөн,
Дабасы жок айыктырар жарасын.

Жер бетинде тынчтык дайым орносун,
Атың өчкүр согуш деген болбосун!
Кырчындай жаш өмүрлөрдү жалмаган,
Энелердин үйү муңга толбосун!

Атың өчкүр, согуш деген болбосун!





## ОККО УЧКАН ЭЛЗАДА

*(Шейит кеткен Элзада кызга арналат)*

Душман огу элди аябайт турбайбы,
Ушуларды каргыш неге урбайбы?
Наалат болсун адам түспөл айбандар,
Канкорлорду эне деген тууганбы?

Жаңы гана жоогазындай гүлдөгөн,
Бүчүр байлар кези эле бүрдөгөн.
Өзүн карап, бой келбетин түзөтүп,
Киер кезде гүлдүү көйнөк түрлөнгөн.

Аруу эле мөлтүр тунук булактай,
Ойнор эле так секирип улактай.
Изги тилек, кыялына жеткирбей,
Жайлады го жаш өмүрүн узартпай.

Секелек кыз эне сүтү кете элек,
Жапжаш эле али бойго жете элек.
Чыркыратып жан дүйнөсүн сыздатып,
Кан жуткурду душман огу тебелеп.

Муңга салып байкуш ата-апасын,
Айыктырбай өмүр бою жарасын.
Өсүп жаткан жаш чырпыкты жайлаган,
Кудай берсин душмандардын жазасын.

## ЭСТЕН КЕТКИС ЗИЛЗАЛА

Түрк элимдин бийик тоосу кулады,
Жер силкинип, үйлөр кошо урады.
Күндөгүдөй күймөнүп эл жүргөндө.
Басып калды жашаган үй турагы.

Үйлөр кулап жатты баарын каратып,
Туугандарга чоң мүшкүлдү жаратып.
Жан-жаныбар калды жердин астында,
Адамдардын жүрөк тушун канатып.

Кары-жашка, балдарга да карабай,
Калды астында, бузулган үй жарабай.
Апаат келип, көздү ачып жумганча,
Кетти баары өтөр күнүн байкабай.

Кош бой аял улам сыртты караган,
Толгоо келип, кетип кайра тараган.
Төрөймүн деп, жөнөп жаткан доктурга,
Көрөмүн деп кызын күтүп самаган.

Жер силкинип, ары-бери калчады,
Толгоо келип, эми күчөй баштады.
Үйү кулап, басты байкуш аялды,
Аллах бирок, наристесин сактады.

Эне жатты өзү жанын карабай,
Күткөн кызын эмизүүгө жарабай.
Үзүлбөгөн киндик менен жан сактап,
Бөбөк жатты, эмчек эмген баладай.





Эки ай болуп, эми гана торолгон,
Эне чачы беш манжага оролгон.
Периштелер жан алгычты жолотпой,
Наристенин дагы бирин коргогон.

Бир тутам чач тынчтык бербей күнүгө,
Уктатпастан уйкум алды түнүндө.
Жүрөк канап жаздым ушул ырымды,
Тыйылбаган көздөн жашым төгүлө.

Кетпечи деп, чачын тартып апасын,
Эмемин деп, издеп жатты мамасын.
Болгон күчүн эне байкуш жыйнады,
Акыркы сүт... оозандырды баласын

Чачын ороп, өз баласын сактады,
Муздай элек жүрөгүнө каттады.
Күнү бүтүп, өчүп эне чырагы,
Чын дүйнөнүн босогосун аттады.

Ыйлай берип, алы кетти чырылдап,
Чарчагандан уктайт бала бышылдап.
Апам менен кетемин деп жатканда,
Ойготту го, үндөр чыгып ызылдап.

Кудурети күчтүү мына Кудайдын,
Бөбөктөрүн сактап эне умайдын.
Аллах сага болсун чексиз шүгүрлөр,
Наристелер өмүрлөрүн уладың.

## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ АЛЫП КЕЛСИН ЖАКШЫЛЫК

Акыркы күн, өтүп жатат кеч кирип,
Бул жылыбыз калат анан эскирип.
Жерге сиңип кеткен нөшөр жамгырдай,
Кайра кайтпайт, ыйласак да эчкирип.

Кеткен жылым кимге кантип карады?
Кылган ишин, жемиштерин санады.
Ийгиликтин туу чокусун багынтып,
Кубанычтын нуру жүзгө тарады.

Жаңы жылым жакшылыкка толсунчу,
Элибизде аманчылык болсунчу.
Кыргыз элим күндөн күнгө өнүгүп,
Бакыт кушу биздин элге консунчу.

Ооруганга Кудай шыпаа берсинчи,
Адашкандар туура жолго келсинчи.
Баласыздар коён жылда эгиздеп,
Бала төрөп тилегине жетсинчи.

Жамандыктар жерибизди тоорубай,
Аман-эсен жүрсүн элим оорубай.
Тоолордогу мөңгүлөр да кат-каттап,
Сууларыбыз агып турсун соолубай.

Кирип келген жаңы жылым жаңырсын,
Кошо келип, токчулук мол агылсын.
Элибизде ийгиликтер көп болуп,
Кубанычтын оту дайым жагылсын.
Кыргыз элим бүт дүйнөгө таанылып,
Кылымдарга өчпөс болуп жазылсын.





## ТАЕНЕ БОЛБОЙ КАЛДЫМ

Алыс кетсем балдарымды сагынам,
Аман кой деп, Кудайыма жалынам.
Айлам кетип турган кезде карайлап,
Көз жашымды ырларыма тамызам.

Шүгүр кылып балдарымдын барына,
Бакыт каалап ар биринин багына.
Өмүрүмдө арман болуп өтөт го,
«Кызым жок!» деп, тагдырыма таарына.

Эркек бала кыздын ордун баса албай,
Энесинин жан дүйнөсүн ача албай.
Энекелеп турса дагы балдарым,
Кыздай болуп, эне көөнүн таба албай.

Элестетип кызымды мен сүйкүмдүү,
Кыз-энеге болор эле күйүмдүү.
Кыз-балдарын кызым келсе жетелеп,
Таенеси болмокмун мен үлгүлүү.

Бул жашоодо болбой эми таене,
Жүрөм азыр келиндерге кайнене.
Шүгүр кылып жашап келем өмүрдө,
Кыз неберем келиң десе бат эле.

Балдарымдан ширин болуп небере,
Сагынганда жетсем деймин тез эле.
«Болбой калдым тайене» деп өксүгөн,
Араңарда мага окшогон бар беле?

## БИРИНЧИ МУГАЛИМИМ

*(Жоробаев Токтобай агайдын жаркын элесине)*

Алыс кетип, көздөн учуп мектебим,
Кайда жүрсөм эч эсимден кетпедиң.
Ойго түшүп, калган кезде тунжурап,
Ак мектебим кайра сени эстедим.

Токтобай деп, аты затка жарашып,
Сабак өтсө, баары агайды карашып.
Катарлашып окуучулар олтурса,
Көркү чыгып, класс калчу жарашып.

Адептүүлүк эмне экенин үйрөткөн,
Акыл айтып, көркөмдүктө сүйлөткөн.
Түйшүктөнүү менен өткөн сабагы,
Окуучунун жүрөгүнө түнөткөн.

Жөндөмүнө карап турчу баланын,
Калтырбастан өтүүчү эле сабагын.
Тентек кылып койсо эгер балдары,
Байкатпастан бүркөп койчу кабагын.

Изин агай мектеп көздөй таштаган,
Ар бир күнүн билим менен баштаган.
Бул өмүрдүн көбүн жашап койсом да,
Токтобайдай токтоо агай таппагам.

Жөнөкөйлүк касиетин барктадым,
Чын дилимден ачык айтып мактадым.
Агайыма арнап бүгүн ыр жазып,
Мугалимдин ак эмгегин актадым.





## МИНАВАР ЭЖЕМЕ

Сулуу болгон май айында төрөлүп,
Энекемдин бешигине бөлөнүп.
Алтымыштын жетип мына кырына,
Бактап-шактап келатасыз көгөрүп.

Алтымыш жаш майрамыңыз кут болсун,
Жакшылыктар кошо келип жуп болсун.
Токсон эмес, жүзгө чыгып жашаңыз,
Тилегиңиз орундалып бүт болсун.

Үч уулду эрежеге жеткирип,
Өткөн күндөр калсын эми эскирип.
Уул үйлөп, сый үстүндө жүрүңүз,
Өмүрлөргө калгычакты кеч кирип.

Балдан таттуу неберелер сүйүңүз,
Оорубаңыз узак өмүр сүрүңүз.
Канча өмүр калганынын ким билет,
Өзүңүздү этияттап жүрүңүз.

## ЭНЕМЕ ОКШОШ КЕЛБЕТИ

*Ысык-Көлдө жашаган Алима эжеме*

Энекемдин сүйгөн тунгуч перзенти,
Көчүргөндөй окшош анан келбети.
Уул, кызга билим берип чоңойтуп,
Уйку кечип канча бешик терметти.

Сарамжалдуу жаны тынбайт ушундай,
Мээрим төгүп балдарга күн нурундай.
Ишкер болуп соода кылып келесиз,
Жакшы болуп жамандарга урунбай.

Көлдө жүрүп өттү өмүр жылдарың,
Байыр алып башка жака жылбадың.
Ысык-Көлдө өнүп-өсүп көгөрдүң.
Кайратыңдан эч убакта сынбадың.

Ажарлуусуң энеме окшоп жайнаган,
Тоо болуп коргоп жүрчү калдайган,
Көркү болуп балдарыңдын төрүндө,
Энеме окшоп байбиче бол балпайган.





## МАЙРАМЫҢЫЗ МЕНЕН

*Өтүп кеткен авамдын аялы Анаш жеңеме*

Куттуу болсун кырк беш жылдык майрамың,
Ушул күндөй ачык болсун маанайың.
Билим берип тарбиялап өстүргөн,
Бактыңызга аман болсун балдарың.

Балдардын да атасын жоктотпой,
Чоңойттуң го жаман көзгө жолотпой.
Эркектерден калышпастан иштедиң,
Кудай сага күч бериптир болоттой.

Эне болуп сый үстүндө жүрүңүз,
Мындан ары жакшы доор сүрүңүз.
Чайын ичип келиндердин колунан,
Неберенин данектерин сүйүңүз.

Бир өмүрдө келатабыз сыйлашып,
Билинбестен кетти күндөр кыр ашып.
Узак өмүр жашайлычы оорубай,
Карылыктын кадамында бир басып.

Жалгыз эмес жуп болсунчу майрамың,
Гүл ордуна ушул ырым арнайын.
Куса болуп сагынганда энемди,
Кабыл кылчы эне кылып барайын.

## САКИНА СИҢДИМЕ

Жандай көргөн асыл сиңдим бир боорум,
Сен жаралган ыйык күнүң кут болсун.
Орундалып, тилеген ой-максатың,
Бейишиндей өмүрдүн сүр доорун.

Туулган күнүң куттуу болсун ылайым,
Энекемдин жашын берсин Кудайым.
Оорубастан узак өмүр жашагын,
Дуба кылып, мен Алладан сурайын.

Аман-эсен, сак-саламат жүргүнүң,
Сыйлуу болсун, жакшы өмүр сүргүнүң.
Балдарыңдын, балдарын жетелеп,
Чеберенин жүзүн дагын сүйгүнүң.

Бактылуу бол, сыйын көрүп өмүрдүн,
Чөктүрбөгүн, кадырын бил көңүлдүн.
Уул-кыздан, урмат көрүп дайыма,
Байбиче бол, көркү болуп төрүңдүн.





## ЫРЛАРЫ БАР АТЫЛГАН

*Мария эжекеме арналат*

Ырлар жазат октой болуп атылган,
Саптары бар чагылгандай жарылган.
Ойго салып окуганды эргиткен,
Сырлары бар ырларында катылган.

Жан дүйнөсү жашынбастан оргуган,
Гүл түшүрүп ырдан килем токуган.
Ыр дүйнөсү тартып улам өзүнө,
Жазгандарын жатка айтып окуган.

Ыр күн болуп эжем бүгүн кубанган,
Кубанычтан ак жүзүнөн нур жанган.
Эргүү келип булак болуп төгүлүп,
Жан дүйнөсүн ыры менен сугарган.

Өзүңүздү этияттап жүрүңүз.

## ЖАЙЛООДО

*(«Лейлек назымдары» ыр жандуу эжелер тобу менен жайлоодо болгон кездеги таасир)*

Он төрт аял, он төрт аалам, он төрт ой,
Он бөлүнгөн жүрөк туйлайт арада.
О, жайлоонун касиети өткөндөй,
Оп сулуулук кошулгандай жана да.

Бугуп жаткан сагынычтар арбоодо,
Булуту жок асман күбө буга да.
Барат улам дегдөө тартып жайлоого,
Бар жеткен да мөңгү даамдуу суута да.

Он төрт аял, он төрт аалам, он төрт ой,
Эки жигит болуп алып умтулдук.
Жеткен кезде жашылдыкка уруп бой,
«Тегирменти» жайлоосунда кулпурдук.

Боз үй дагы бизди күтүп тургандай,
Босогодон күлкүбүздү жаңырган
Уккан болду, тоо шамалы уккандай
Үндөр менен окуп кирдик жаңы ырдан.

«Тегирменти» суусу аккан жанында,
Күүлүү шары коштоп, ырдын маанисин
Алыстарга алып кетти баамымда,
Ого бетер толкутуп ой шаанисин.

Созулуңку Соно эже созулуп,
Сүзүлүңкү Айзада эже сүзүлүп,





Илмейинки Мария эже кошулуп,
Төрдө олтурду, ойлор ойго түрүлүп.

«Жетигенге»* чыккан эле ырлары,
Ошо себеп, үнүбүздү тоо укту.
Жайлоого да шылтоо болуп чыкканы,
Мөңгүсүндөй тагышты ак жоолукту.

Арасында эки жигит олтурду,
Көп сүйлөбөй, таттуу даамдан жеп коюп.
Аялдар бар болсо экен деп ой сунду,
Аял барда жашоо кызык деп коюп.

Шартка карап Тайир, Муктар, Атакул,
Абдували, Бобомурод, Самидин,
Келбедиңер, ак ниетте бата кыл, -
Сыймыктанар сыйлуусуңар ар бириң!

Ыр окуду эрке болуп Бакытбек,
А Мыктыбек унчукпады бир жолу.
Жылда ушинтип аман-түгөл, жашоо деп,
Кең жайлоого келсек кана миң жолу.

Суу боюнда эргип алып Каныгүл,
Суу кечти да, көңүлдөгү ыр жазды.
Жайлоо таасир бергенденби жаны кул
Келген ырга, ары карап шыр жазды.

Айсулуусу, Гулнара да Разия,
Уулканы, Асылканы күн өтсө
Эстеп жүрөөр өзүнчө эле Ария,
Таасирлене тартып жүрдү сүрөткө.

Савриниса эже өзү ыр дедим,
Сөздү дагы таба койгон жаны бат.
Бар экенин, жок экенин билбедим,
Унчукпай бир жүрсө сулуу Марипат.

Суудан чыкпай балыгындай Изатай,
Чумкуду эле баш оорусу тарады.
Таңдайымда дале даамы турат ай,
Сонун болду Зийнатайдын тамагы.

Тырышат деп шылтоо кыла бутуна,
Бүүрайма эже суу кечпеди арылап.
Кошулгандай бирок ырыс кутуна,
Аарычыдан алды кабар, маалымат.

Иши кылса өттү күнү өмүрдүн
Күү шаңында кеч киргени байкалбай.
Калды болуп бир дастаны көңүлдүн,
Өтпө деп күн эч кимибиз айталбай.

Жайлоо сенсиң Ата-Баба мурасы,
Келбеди эч сени менен коштошкум.
Күндө жанды азгырасың ырасы,
Коштошкум бир келбесе да коштоштум.

Аман болсом келем сага дагы мен,
Тоолор мага ден соолукту бере көр.
Жолугайын жакшыларга багы кең,
Арчалардай узак өмүр келе көр.

*Автор: Бакытбек Мукарамов (Илегилек),*
*Кыргыз Республикасы, Лейлек. 04.07.2022-жыл.*





## ОРОЗГҮЛ САТТАРОВА ЭЖЕКЕМЕ

*Өзбек мектепте көп жыл директор болуп иштеген.*

Билим берип тарбиялап таптаган,
Ак эмгегин эли баалап барктаган,
Он жыл бою бир мектепти башкарып,
Кесиптештер күндө айтып мактаган.

Курманжандай эжекем бар ардактуу,
Сүйлөй келсе сөзү дагы салмактуу.
Жетекчилик кызматтарды аркалап,
Алган экен билимди да ар жактуу.

Таңда туруп, мектеп көздөй агылган,
Мүдүрлүк иш моюнуна тагылган.
Эли-журту ак кызматын баалашып,
Орден, медал, төш белгини тагынган.

Жакшы инсан билет адам кадырын,
Жашырбастан айтыш керек асылын.
Билим берип, тарбиялап балдарды,
Эли үчүн кошуп келет салымын.

Келишимдүү эжекем бар маңкайган,
Мээрим төгүп үй-бүлөгө байланган.
Уулун үйлөп, кызын берип турмушка,
Балдарын да, өз үйүнө жайгарган.

Кандай мактоо айтсак дагы жарашкан,
Курманжандай Даткайым деп санашкан.
жөнөкөйлук келбетине жарашып,
Сыймык менен сыйлар баары карашкан.

Эжекеден үлгү алып балдары,
Сиздей маалим болсок деп самашкан.





## ИЛЕГИЛЕКТИН АКЫН КЫЗЫ

*(Разия эжекеме арналат)*

Эргүүлөрү жамгыр болуп төгүлүп,
Жазмакерлер катарынан көрүнүп.
Ийик болуп, ыр түрмөгүн түрүүдө,
Ырдан бүткөн жан дүйнөсү сөгүлүп.

Акбуурадай күүгө келип турасыз,
Ырлар жазып, элдин көөнүн бурасыз
Токтобостон бул жол менен кетсеңиз,
Сыйлык, сыймык жакшы кепти угасыз.

Ак жүзүнө аппак жоолук жарашып,
Оолактабай ыр-дүйнөгө жанашып.
Колдон-колго өтчү китеп жаралса,
Окурмандар окуйт баары талашып.

Оорубастан узун өмүр сүрүңүз,
Куунак болсун ар-бир өткөн күнүңүз.
Булак болуп, төгүлгөн ыр саптардын,
Калпып алып, каймагынан сүзүңүз.
Илегилек куш сымал бийик учуп,
Акындардын сап башында жүрүңүз.

## ГУЛНОРА ХОЛМАТОВА ЭЖЕКЕМЕ

Өзбек тилин семичкедей чагасыз,
Угарманды терең ойго саласыз.
Мугалимдик кесипти да аркалап,
Балдар үчүн чыгарманы жазасыз.

Асыл сыпат, мүнөзү бар билгенге,
Акыл сындуу, сөздөрү бар илгенге.
Жөнөкөйлүк касиетин баалайсыз,
Жакын барып дүйнөсүнө киргенде.

Атыңыз бар котормочу жазмакер,
Өзбек кыргыз ортосунда данакер.
Жаза бериң колдон калем түшүрбөй,
Болгучакты кадыр-барктуу ардагер.
Күндөн-күнгө бийик көздөй талпынган,
Жөнөкөй бир эжекем бар калемгер.





## САБРИНИСА ДОСКО

Жазасың сен калем сабын учтап алып,
Күндөн-күнгө баратасың курч алып.
Жүрүшүңдү токтотпостон улагын,
Чыгармалар калбасынчы кулпталып.

Салмактуу да, зор басырык мүнөзүң,
Тарбиялап балдарды да жүрөсүң.
Билим берип, чоңойткон балдарыңдан,
Сыйын көрүп, ооматтуу өмүр сүрөсүң.

Ызат кылып, улуу-кичүү, карысын.
Урматтасаң колдон келип турганда,
Карыганда көрөсүң сен маңызын.
Эркиң күчтүү, бирок назик көңүлүң,

Кызмат кылып, барктуу өтсүн өмүрүң.
Түбөлүктүү китептерди чыгарып,
Таанылып сен, эл көзүнө көрүндүң.

## УРПИЯ КУРБУМА

Бир мезгилде, бир айылда төрөлүп,
Алдейленип, ак бешикке бөлөнүп.
Там-туң басып, оюнчукту талашкан,
Чырпык элек, чынар болдук көгөрүп.

Бирге жүрүп, бир мектепке барганбыз,
Сыр чечишип, кыялдана калганбыз.
Экөөбүз тең бир айылга түшсөк деп,
Алдыбызга максат коюп алганбыз.

Башыбызга аппак жоолук жарашып,
Бир айылга келин болдук жанашып.
Абысындай кээ күндөрү кетчүбүз,
Сөздөрүбүз жакпай калса талашып.

Өтүп кеткен ошол жаштык жылдарды,
Сүйлөшсөк да түгөнбөгөн сырларды.
Жолукканда кээде эстеп алабыз,
«Күйдүм чок» деп, обон созгон ырларды.

Көп жашагын, узун болсун өмүрүң,
Жаман сөзгө сынбасынчы көңүлүң.
Урмат, сыйын көрүп дайым балдардын,
Көркү болуп жүргүн досум төрүңдүн.





## АЛТЫМЫШ ЖАШЫҢЫЗ КУТ БОЛСУН

*Клара Ниязовага*

Ордосуна мээрим төгүп ушундай,
Жүзү жарык төгүлгөн күн нурундай.
Балдарындай күйүп-бышат дайыма,
Өзүңүздү аяңыз көп урунбай.

Ырларыңыз жетип турат табына,
Окуйлу деп биз күтөбүз зарыга.
Поэмаңыз өзгөчө бир жазылат,
Сүйүү кошуп ар бир ырдын сабына.

Жан дүйнөңүз, асылдыкты сиңирип,
Арууланган, ырдан көйнөк кийинип.
Сиздин жолго, артыңыздан түшүшкөн,
Акын кыздар, куттук айтат биригип

Тыным деген, болбойт экен адамда
Убакыттар өтүп жатат арада.
Куттуктоом айтып турат жазылып
Шуудурумдун тамчысындай ырымда.

## ТАИРОВА ГҮЛДАРГА

*(Абысынымдын 18 жашында өтүп кеткен кызы Гүлдардын жаркын элесине арнадым)*

Айдай болуп толуп турган кезинде,
Бүлүк салдың, чырпык кезде сезимге.
Ата-энеге, кан жуттурган каран күн,
Унутулбай турат дале эсимде.

Келбетиңе узун боюң жарашып,
Суктанышып, көңүл буруп карашып.
Кыялында жубай кылып алсам деп,
Жолугушчу күндү күтүп санашып.

Жок дегенде он сегизге толбодуң,
Бир жигиттин сүйгөн кызы болбодуң.
Жубайыңдын арзуусуна айланып,
Келин болуп көшөгөгө конбодуң.

Күлгүн кезиң, күтүп басып жүрбөдүң,
Каткырышып кыздар менен күлбөдүң.
Өмүр сүрүп, чынар болуп көктөбөй,
Алоолонгон жаштык дооруң сүрбөдүң.





Мүчө бойдон, сулуулугуң сезилген,
Сендей сулуу болсом экен дегизген.
Ар бир кыздын эне болуу кыялы,
Кырк тамырын ийип бала эмизген.

Балдарыңдын колдорунан жетелеп,
Таенеге келбейт белең эркелеп?
Билбей калдың жашоо таттуу экенин,
Жаралдыңбы өмүр сага бир келет.

Ыраазы бол менден эми периште,
Жаткан жериң болсо экен бейиште.
Аллахым да кабыл кылат унутпай,
Ата-энең дубаларын беришсе.

## ТҮШҮМӨ КИРИП ЫР КУРЖУН

Таңга жуук уктап жатып түш көрүпмүн,
Узун бойлуу, киши менен жүз көрүштүм.
Ырлар толгон куржунун ал артып алып,
Кетип жатса токтоңуз деп, ой бөлүштүм.

Ойго келбес түштөн сыртка чыга албай,
Нес абалда жаткан жерден жыла албай.
Көз алдымдан узун-арык киши кетпей,
Олтурамын мен өзүмдү да жыйнай албай.

Ал адамды издеп эми табаламбы?
Куржундагы ырларынан ала аламбы?
Кереметтүү сөздөрдүн асылдарын,
Терип алып, мен да ыр жаза аламбы?

Ошондогу ал куржун эсте калып,
Эргидим да, ыр жаздым эстеп алып.
Жазган ырым таамай тийип жүрөгүнө,
Окурманым окуса экен эстен танып.
Сугарсам жан дүйнөсүн ырлар менен,
Кубанычтан турмакмын оттой жанып.





## КӨКТӨМ ЭЛЕМ

Өткөн өмүр, кертилгени билинбеген,
Кармайм десем колдорума илинбеген.
Сары күзүм окшоштурдум мен өзүмдү,
Сапырылган жалбыракка бириндеген.

Түркүн түстүү жалбырактар күзүндөгү,
Желге ойноп, учуп түшөт үзүлгөнү.
Өмүрүмдүн өткөндүгүн айтып турат,
Саргайыңкы тартып нурум жүзүмдөгү.

Сансыз ойдун кучагында термелгенмин.
Байкоосуздан тун сүйүүмө кез келгенмин.
Толукталып жан дүйнөм сени менен,
Башка жандар бар экенин сезбегенмин.

Тал чыбыктай бүчүрдөгөн көктөм элем,
Тике карап, бетке айткан өктөм элем.
Токтолгонсуп барам улам күндөн-күнгө,
Өктөмдүгүм мезгил менен өткөн белем.

Өткөн кезди, кайра кайрып кура албаймын,
Ал күндөрүм эстебестен тура албаймын.
Баш ийип мезгил сага турган кезим,
Шыңгыр күлкүм эми такыр уга албаймын
Сагындырып өтүп кеткен жаштыгымды,
Сагынсам да өзүм көздөй бура албаймын.

# АВТОРГО КАРАТА КАЛЕМДЕШТЕРИНИН КААЛОО-ТИЛЕКТЕРИ



## АК ЖОЛ САГА, КАНЫГҮЛ

Караул айылында сен төрөлүп, байыр алган,
Кооз табият жан дүйнөңдө тамырлаган.
Жүрөгүңдүн түпкүрүнөн орун алып,
Ал сезимдер көркөмдөлүп ырга айланган.

Секелек кез... тыкан элең тыкылдаган,
Сабактарды мыкты окуп шыпылдаган,
Чоң гезитке жазган элең сунуш кылып,
Айылың үчүн күйүп-бышын тызылдаган.

Айыл эли таңданышып шарлыгыңа,
Аалым болор жан дүйнө байлыгыңа.
Тартынбастан китептерди казып окуп,
Айландың го ыр дүйнөнүн ай кызына.

Күндөн-күнгө эргүүлөрүң тынчыңды алып,
Төгүлөт го ыр саптарың нурдай жанып.
Көңүлүңдө учуп жүргөн көпөлөктөй,
Көкөлөдү сезимдериң ырга айланып.

Кадырлайсың кайненеңдин каадаларын,
Кештелүү ай көчөтүн, таарларын.
Ыйык тутуп бурчта турган казыгын да,
Каадалуу байбичеге сен айландың.

Калем курчтап ыр дүйнөнүн кенин каз...
КАНЫГҮЛ аракетиң баалап жүрөм,
Ыр жолунда ийгиликти каалап жүрөм.
Бийик-бийик ашуулардан канат кагып.
Жашоого, жакшылыкка сепсин үрөн!

*Садыкова Айсулуу Саатовна*
*«Илегилек назымдары» ийриминин жетекчиси*
*Көркөм-адабий «Поэзия-Ордосу»*
*коомдук бирикмесинин мүчөсү*





## КАНЫГҮЛ АКЫН КЫЗГА АРНАЛАТ

Ыр жандуусуң колго калем кармаган,
Ыр түрмөгүн эл-журтуна арнаган.
Тагдырынын ар бир күнүн билип-туюп,
Ак баракка жазгандан эч талбаган.

Жазып ырдын талдайсың ак, карасын,
Жүрөктөрдүн айыктырып жарасын.
Арман менен сүйүүлөрдү толтуруп,
Ырларыңда жылдыз болун жанасың.

Ырларыңдын ачып анан ажарын,
Тизмектейсиң, сулуу жазып катарын.
Көөдөндөгү сезим туйлап тынчыбай,
Көңүл буруп, тунук ойду табасың.

Бийиктеги күндөй болуп жалтырап,
Толгон айдын шооласындай жаркырап.
Каалайт элем сага өмүр, ден соолук,
Эргий, эргий ырлар жазгын жаркырап.

*Разия Алимова*

## КАНЫГҮЛ КАЛЕМДЕШИМЕ

Ыр арнап жазгым келди акын кызга,
Чынында бир туугандай жакынбызда.
Басканың маралдайым акын кызым,
Сүйлөгөн сөзүң дайым болот нуска.

Маанисиз бир сөздөрдү сүйлөбөйсүң,
Өзүңдү өзгөлөрдөн көтөрбөйсүң.
Окшотом сени дайым акыл Карачачка,
Акылын таап сүйлөгөн өзгөлөрдүн.

Ырларын окуп туруп ойго батам,
Арнаган жеңе менен анан агаң.
Эл ичинде сендей акын аз эле дейм,
Чындыкты чыркартып күйүп жазган.

Сулуктунун акын кызы, калемдешим,
Калемиң мокобостон курчуй берсин.
Ийгилик токтобостон чексиз болуп,
Ар дайым сыймыктанып жүрсүн элиң!

*Айзада Жалилова*
*«Дуние Таланттары» Одагынын мүчөсү.*
*«Илег Илег назымдары» группасынан.*





## КАНЫГҮЛГӨ КУТТУК ЫР

Бүт жагынан сулуулугу билинди,
Назымдарга кошкум келди сиңдимди,
Жан дүйнөсү аруу, назик, таптаза.
Терең окуп алган экен билимди.

Ырларын мончок кылып тизиптир,
Ыр дүйнөсүн ырысым деп билиптир.
Сылык-сыпаа, кичи пейил мүнөзү,
Ата-энеси кулагына илиптир.

Мыктылардын мыктысы бол ылайым,
Ырларыңа обон салып ырдайын.
Китептериң чыга берсин токтобой,
Тилегиңди кабыл кылсын Кудайым.

Даткалардай каада өмүр сүрөбүз,
Мөлтүр, тунук ыр каймагын сүзөбүз.
Уул үйлөп, келин алып, кыз берип,
Байбичелик доордо өмүр сүрөбүз.

*Мария Халпаева*
*Раззаков айылы*
*17-июль. 2022-жыл.*

## ШУКУР КИЛИБ ЯШАЙЛИК

*Котормо*

Каст тину, утиб борар уз йблида.
Бойлик деб куйиб-пишиб сен юлинма.
Хар кимнинг уз танлаган иуллари бор.
Уз йулинг ташлаб айро сен булинма.
Боряпман мен хам хаёт изми билан.
Умрим хам. йиллар утди йук нола- гам.
«Она» деб кунглим караб кувонтирар,
Имонли булса кани болалар хам.
Кадрига етайлик-чи. умримизнинг,
Такдирни колдирмайлик кахрига биз.
Хаётда борлигимиз узи бахтдир.
Шукрона келтирайлик барига биз.

*Гүлнара Халматова.*
*Лейлек району.*





## ЫР БОЛУП ЖАЗЫЛАСЫҢ

Каныгүл кандай сулуу, татынасың,
Кулпуруп тоо гүлүндөй ачыласың.
Жан дүйнөң жамгыр болуп нөшөрлөсө,
Жүрөктөн ырлар болуп жазыласың.

Турушуң тоодо өскөн Ак Маралдай,
Сен тоого. Тоолор сага жарашкандай.
Толкуса ашып-ташып эргүүлөрүң,
Сезимден төгүлөсүң ыр дайрадай.

Суктанып барасың сен сырдашканга,
Санааңды күбүп салып чер жазганга.
Калемин ширесине малып коюп,
Өрүкзар сыясында ыр жазганга.

Өрүктүн ширесинен татып алып,
Жүрөктүн санаасына дары табып.
Кыпкызыл өрүк болуп төгүлөсүң,
Тизмектен балдай ширин ырлар жазып.

Чөмүлүп ыр дайранын тереңине,
Көкөлөп күндөн өсүп келесиң ээ.
Артында ырын калсын өчпөй турган,
Береке берсин деймин калемиңе!

*Гүлайым Мукарамова.*

## САГА ЧЕКСИЗ КААЛООМ

Сага деген арноо ырым жазылсын,
Моюнуңа шуру болуп тагылсын
Поэзия дүйнөсүндө көрүнгөн,
Тенти акындай, ай ааламга таанылгын.

Гүлдөй жайнап, жаш селкидей буралгын,
Көөдөнүңдөн чыккан ырың кубантсын.
Кабагыңдан байкалбасын муңаюу,
Кален өңдүү нур жүзүңдө жылмайсын.

Күндө эргип, ырлар жазгын төгүлүп,
Куржунуңдан ыр китебиң көрүнүп.
Майин сүйлөп, угарманды арбайсың,
Жаза бергин узун чачтай өрүлүп.

Китеп окуп,ширинине канасың,
Эргүү алып, сонун ырлар жазасың.
Сүйүү ырын, катып койбой жазсаң сен,
Алымканынан Токтогулдун ашасың.





Күлүп -жайнап, көңүлдүүсүң билгенге,
Ички сырың айтып турат илгенге.
Турмушуңду айтып турат ырларың,
Окурманың окуп ичке киргенде.

Ийгиликтер жылоолосун жолдосун,
Жаратканым дайым сени колдосун.
Оңу келсе онду чыгар токтобой,
Окурмандын саны чектелүү болбосун.

Чын жүрөктөн турам сага сүйүнүп,
Жетишсем деп, ырым жаздым күйүгүп.
Ак жол каалап, ак батамды жолдоймун,
Китептериң келгичекти бүлүнүп.

*Сабриниса Кудайбердиева*

## КАНЫГҮЛ ТАИРОВАГА

Ак маралдай керилген бойлоруңуз,
Аруу таза туптунук ойлоруңуз.
Кадам койгон акындык өнөрүнө,
Ачык болсун ар дайым жолдоруңуз.

Тизмектелген шурудай ырларыңыз,
Таасирдүү го айтылган сырларыңыз.
Элестетет жазылган ырыңыздан,
Жалындуу жаштык курак жылдарыңыз.

Ойлуу карап отурган карегиңиз,
Кабар берет жазмакер дарегиңиз.
Акындык улуу өнөр сересинде,
Жорголоп жаза берсин калемиңиз.

*Жанбүбү Жумагулова*
*«Поэзия Ордосу» көркөм-адабий коомдук*
*бирикмесинин мүчөсү.*





## КАНЫГҮЛ АКЫНГА

Жашоо сыры ар сабында катылып,
Ыр дүйнөгө калем кармап батынып.
Келди эжекем кылып ырдан зор эмгек,
Жакшы сөздөр бүтпөсүн дейм айтылып.

Ыр жазылсын далай жылды арытып,
Жан дүйнөнүн караңгысын жарытып.
Ойлой берем ойлоп тапкан ар ыры,
Окулат деп сан кылымды карытып,

Дастанга да айландырып сүйүүнү,
Арзыр жанды сүйдү дагы сүйүлдү.
Мүнөзүнүн жумшактыгын карачы,
Күлкүсүнөн мундун баары күбүлдү.

А көөдөнү оргуп турган булактай,
Жан дүйнөгө азык берет жөн акпай.
Саптарында ширелишип сөздөрү,
Санаа басса жанган жарык чырактай.

*Уулкан Азаматова*

*Лейлек. 20.07.22*

## КАНЫГҮЛ ТАИРОВА ЭЖЕКЕМЕ АРНАЙМЫН

Аялзаты кандай назик, сүйкүмдүү,
Кыял-жорук, кулк-мүнөзү ар түрдүү.
Мына ошол айымдардын ичинде,
Бир эжем бар кең пейилдүү, гүл жүздүү.

Болбосом да күчтүү акын ооматтуу,
Эжекеме арнап жаздым одамды,
Мактаганга татыктуу деп билемин,
Эжекемдин төп келишкен төрт жагы.

Жагат мага жаш маралдай басканы,
Жолдон өтө карап калат жаш-кары.
Аста келип сылык сүйлөйт адамга,
Ак баспаган кундуздай бир чачтары.

Ырларга бай, сырларга бай жүрөгү,
Келбетине шайкеш келип мүнөзү.
Мына ушундай асыл жарга жолуккан,
Кандай жигит болду экен түгөйү.

Эч бир жаман ой бакпаган ичине,
Эжем айтор жагат бардык кишиге.
Алпештеген асыл кызы бар бекен?
Алып берсем жубай кылып иниме.

*Роза Акжол кызы.*
*Сүлүктү шаары.*





## ЖАКШЫЛАР БОЛСУН ЖАНЫҢДА

Жакшылар сени азгырар,
Жадырап табит ачылар.
Көңүлүң табар сөз айтса,
Сүйлөшүп жарпың жазылар.

Жазасың ырды жагымдуу,
Данектей кылып маңыздуу.
Төрөлсүн ырлар эгиздеп,
Балдарың сымал татыктуу.

Жакшы сөз уксаң көппөйсүң,
Жаман сөз уксаң чөкпөйсүң.
Алдыга карай умтулуп
Бийиктен улам көктөйсүң.

Үйүңдү жыйнап чачпаган,
Жумуштан тажап качпаган.
Куда сөөк күткөн аялсың,
Коңшуңа жаман айтпаган.

Купулга толуп мүнөзүң,
Орундуу сөздү сүйлөйсүң.
Сөз талашпай башкадан,
Орунсуз кепке күлбөйсүң.

Азамат кызсың, азамат,
Жаралбайт кайра адамзат.
Акын кыз болуп туулуп,
Түрлөнтүп ырды жаза алат.

Аллага жандар аманат,
Жашайлы кылып канагат.
Автордук китеп чыгарып,
Болгунуң дайым саламат.

*Алибаева Соно.*





## МАРИПАТ СУЛУУГА

Кара тору сулуу келсе карашып,
Аппак жоолук салса калат жарашып.
Алыстабай чыгармачыл жолунда,
Акындарга жүргүн дайым жанашып.

Жөпжөнөкөй ак көңүлсүң билемин,
Сага арнап сөз түрмөгүн тиземин.
Эмне максат койгон болсоң алдыңа,
Орундалсын ойлогон ой тилегиң.

Жан дүйнөңө асылдыкты сиңирип,
Ырың турсун кооз көйнөк кийинип.
Бийиктей бер, ийгиликтер жаратып,
Окурманың турсун сага ийилип.

Каалоо айтып төрт сап ырым курадым,
Ыр дүйнөгө толуп турсун турагың.
Поэма, ыр чоң дастанды жараткан,
Калем сабың болсун сенин куралың.

*Канигүл Таирова.*

*«Поэзия Ордосу» көркөм адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү.*

*Сүлүктү шаары.*

## ЭНЕМДИН СҮЙГӨН КЫЗЫ ЭЛЕҢ

Кенже кызын энекем жакшы көрчү.
Алыс кетип калды деп оюн бөлчү.
Көпкө келбей калганда жолун карап,
Чыдай албай аргасыз жашын төкчү.

Жакшы көргөн тамагын алып койчу,
Кызыма деп, сандыкка катып койчу.
Бирөө жарым жөнөсө беремин деп,
Катын жазып ичине салып койчу.

Келе албай, келем деп камыкканда,
Түйшүктөнүп жол карап зарыкканда.
Каткандарын толтуруп торбосуна,
Жөнөп калчу энекем сагынганда.

Кирип келип карылык чалыштады,
Мурдагыдай баралбай алыстады.
Күнүн санап кайтарып акыр кезде,
Балдарына кыздарын табыштады.

Энем бардай сыйлашып жүрөлүчү,
Кош-колдоп сен келсең күтөлүчү.
Жакшы күндө дайыма жолугушуп,
Энеме окшоп узак өмүр сүрөлүчү.



## МАЗМУНУ

### Туулган жер кайрыктары

Таазим сага ата-журт ........................................
Кыргыз элим ........................................ 4
Айылым көркү ырымдын ........................................ 5
Сүлүктү шаарым ........................................ 6
Баткениме келип кет ........................................ 7
Жети дубан ........................................ 8
Балалык кез ........................................ 9
Шаарым менин кенге бай ........................................ 11
Жайлоо көркү ........................................ 12
Ысык-Көлдүн жээгинде ........................................ 13
Эне тилим ........................................ 14
Суу боюнда ........................................ 15
Токтой турчу убакыт ........................................ 16
Биздин айыл ........................................ 17
Жаралды тунгуч китебим ........................................ 18
Алыс кетсем сагынам ........................................ 19
Сары күздөгү эргүү ........................................ 20
Оюмду сен үзбөгүн ........................................ 21
........................................ 22

**Ата-эне**
**бир туугандары**
**балдарыма арналат**


Менин атам........................24
Атама окшодум ........................25
Ата сага арнадым ........................26
Энем сулуу баарынан ........................28
Энем бар бактылуумун........................29
Ата-энем барда........................30
Өзүңсүз кыйын тура ........................31
Эне сизди сагындым........................32
Энесиз жашоо ........................33
Атамдай өмүр сүрбөдүң ........................34
Абакир агама........................35
Бир туугандар........................36
Тирүүлүк бакыт тура ........................37
Бактылуу чоң энемин........................38
Бактай болуп көктөсө........................39
Балдарыма тийгизгим жок ........................40
Шамалды ........................40
Мигрант уулума ........................41
Асема неберееме........................42
Амина неберееме........................43
Келиндерге насаат ........................44





Балдарыма........................
Келиндерге ........................45
Эне сенин бейишиң ........................46
........................47


**Жан дүйнө жаңырыгы, жашоо сүрүмдөрү**


Өмүр ........................
Жашоо сонун........................49
Жаштыгымды балдарымдан көрөмүн ........................50
Тагдырым ырларымдын түрмөгүндө........................51
Татыктуу өмүр сүрдүңбү?........................52
Шүгүр кылып жашайлы........................53
Жакшы адам........................54
Аруула жамгыр дүйнөмдү........................55
Жаңы күн ........................56
Бурчтагы казык!........................57
Өкүнүч........................58
Сырдашкым келип турат ........................59
Чабыт ........................60
Карылыкка жеткирсин........................61
Мезгил сага багындым........................62
Шүгүр кылган энемин........................63
Саатым кайда шашасың? ........................64
Ырым сага байландым........................65
Асыл сөз уккум келди........................66
........................67

Секелек кыздай элирип........68
Ыр дүйнө багындамын........69
Улуу сезим........70
Эстей жүр........71
Жакшы сөз жан азыгың........72
Бырыш изин салыптыр........73
Ыр куржун........75
Телефон........76
Кышкы эргүү........77
Кырк жылдык сүрөт........78
Ырдан курсам сепил........79
Ойлор кайдан келет?........80
Жамгырдай төгүлөйүн........81
Алтымыш жаш........82
Студенттик күндөр........83
Кыялымда ырларым........84
Келчи жазым........85
Куттуу болсун майрамыңар........86
Энесиз жетим........87
Өмүр баркы........88
Поэзия ордосу........89
Тупук эле ойлорубуз........90
Аялдарды аягыла........91
Классташтарым........92
Кырк жылдыкта........92



Жүрөмүн секин ыр курап........93
Классташтар жайлоодо........94
Жазып койдум........95
Кетким келди........96

**Улуу инсандарга**

Алыкулдун таңы дайым........98
Аткандай........98
Ырга айланга өмүр........100
Курбаналынын козу-багланы!........101
Ырларында сыйкыры бар арбаган........102
Ырлар кетти жазылбай........104
Жеңил колдуу тиш доктур........105
Илегилек акыны........106
Күтөт сүйгөн бадамы........107

**Баткен коогалаңы**

Ак жоолук калды салынбай........109
Айгүл гүлү ыйлады........111
Учуп кетти периште........112
Айылдашым Баратов Нурбекке........113
Окко учкан Элзада........115
Эстен кеткис зилзала........116

Жаңы жылым алып келсин жакшылык .......... 118
Таене болбой калдым .......... 119
Биринчи мугалимим .......... 120
Минавар эжеме .......... 121
Энеме окшош келбети .......... 122
Майрамыңыз менен .......... 123
Сакина сиңдиме .......... 124
Ырлары бар атылган .......... 125
Жайлоодо .......... 126
Орозгүл Саттарова эжекеме .......... 129
Илегилектин акын кызы .......... 131
Гулнора Холматова эжекеме .......... 132
Сабриниса доско .......... 133
Урпия курбума .......... 134
Алтымыш жашыңыз кут болсун .......... 135
Таирова Гүлдарга .......... 136
Түшүмө кирип ыр куржун .......... 138
Көктөм элем .......... 139

**Авторго карата калемдештеринин каалоо-тилектери**

Ак жол сага, Каныгүл .......... 141
Каныгүл акын кызга арналат .......... 143
Каныгүл калемдешиме .......... 144
Каныгүлгө куттук ыр .......... 145



Шукур килиб яшайлик .......... 146
Ыр болуп жазыласың .......... 147
Сага чексиз каалоом .......... 148
Каныгүл Таировага .......... 150
Каныгүл акынга .......... 151
Каныгүл Таирова .......... 152
Эжекеме арнаймын .......... 152
Жакшылар болсун жаныңда .......... 153
Марипат сулууга .......... 155
Энемдин сүйгөн кызы элең .......... 156

*Көркөм-адабий чыгарма*

**Канигүл Таирова**

**ӨМҮР БАРКЫ**

*Ырлар*

Дизайнер *Э. Исаков*
Корректору *К. Сапаралиев*
Компьютерде калыпка салган *Н. Терибаев*

Басууга 17.05. 2024-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84$^1/_{16}$.
Көлөмү 10,25 басма табак.
Нускасы 150.

«Фаст-принт» басмасы
Бишкек ш., А. Үсөнбаев көчөсү, 190



Таирова Канигуль Касымовна (Бекботоева).
1964-жылы Сүлүктү шаарында төрөлгөн.
1971-жылы мектеп босогосун аттап, 1981-жылы, Сүлүктү шаарындагы Токтогул атындагы 2-мектепти окуп бүтүргөн.
Мектеп жашынан поэзияга кызыгып келет.
1985-жылы Ош шаарынан ОТСТны бүтүрүп келип, Сүлүктү шаарындагы, Гор.торгдо иштеп,
1986-жылы Горком комсомолго которулуп, Сүлүктү "Шахта Башкармасынын"— комсомол комитетинде: Каттоо секторунун башчысы кызматында иштеген.
Пенсияга чыкканга чейин өз алдынча бизнес тармагында эмгектенип келди.
Азыркы убакта чыгармачылык менен алектенип келет.
2022-жылдан баштап, "Поэзия Ордосу" көркөм адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү болуп,
"Позия Ордосунун" диплом, грамота, "Күмүш калем" төш белгиси, сыйлыктарын алып, Ордонун 6-7, 8-9 жана, Ала Тоо журналына, Алыкулду окуйбуз китеп, журналдарга ырлары чыккан.
"Алыкул Осмонов"- атындагы фонддон "Ардак грамота"- "Алтын калем"- дипломү, КРнын "Улуу Журт" коомдук бирикмеси тарабынан "Курманжан Датка" медалы, КРнын Улуттук Жазуучулар Союзунун ардак грамотасы менен сыйланды.
Ырлардан турган: "Жан дүйнө азыгы" жана "Кеч күздөгү сапар"-деген проза китептердин ээси.